Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ӨРКИН-ТОО

Шейшемби,
2025-жылдын
25-ноябры

№93 (3749)

www.erkin-too.kg

ЖККУ САММИТИ

Кыргыз-Россия кызматташуусу – ишенимдүү стратегиялык өнөктөштүктүн үлгүсү

Бүгүн күнөстүү жергебизге Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путин расмий сапар менен келет. Ошого катар өнөктөш өлкөнүн жетекчиси Бишкекте өтө турган Жамааттык коопсуздук келишим уюмунун (ЖККУ) саммитине катышат. Бул жолку ЖККУнун жыйынында аймактык туруктуулукту сактоо жана террористтик коркунучтарды жана экстремизмди нейтралдаштыруу боюнча кызматташтыкты жакшыртуу маселелери талкууланмакчы.

Мындан сырткары, ЖККУнун катчылыгы эл аралык жана аймактык коопсуздук маселелеринин кеңири чөйрөсүн талкуулоону жана ЖККУнун ишмердүүлүгүнүн негизги жыйынтыктарын жалпылоону пландаштырууда. Уюмдун башкаруу органдарындагы жетекчиликти ротациялоонун белгиленген тартибине ылайык, Кыргызстан ЖККУнун башкы катчысы кызматына талапкерди уюмга мүчө мамлекеттердин президенттерине бекитүү үчүн сунуштайт. Ошондой эле ЖККУнун Жамааттык коопсуздук кеңешинин декларациясын кабыл алуу пландаштырылууда. Анда дүйнөлүк кырдаалды жана уюмдун жоопкерчилик чөйрөсүн баалоо, ошондой эле аймактык тынчтыкты жана туруктуулукту чыңдоо ыкмалары камтылат.

Эки өлкөнүн ортосундагы кызматташтыкка келсек, Россия Кыргызстандын ишенимдүү жана стратегиялык өнөктөшү экени баарына белгилүү. Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич Жапаров менен Россия Федерациясынын Президенти Владимир Владимирович Путин – союздаштык жана стратегиялык өнөктөштүк мамилелерин прогрессивдүү өнүктүрүүдө жана чыңдоодо опол тоодой иштерди жасап жатышат. Эки жетекчинин саясий эркинин аркасында Кыргыз-Россия мамилелери ыраатуу түрдө чыңдалып, кызматташтык жаңы мазмун жана жаңы багыттар менен байып жатат. Биздин өлкөлөрдүн ортосунда калыптанган ишенимдин жогорку деңгээли бардык байланыштарда байкалып, кызматташуубуз барган сайын тереңдөөдө. Кыргыз-Россия мамилелери экономикалык, саясий, маданий жана социалдык байланыштарды камтып, жалпы тарыхка негизделген алакалар менен азыркы шарттарда дагы өнүгүп жатат. Ток этерин айтканда, эки өлкөнү убакыт сынынан өткөн чыныгы достук мамилелери бириктирип, ынтымагыбызды арттырууда. Бул эки тараптуу мамилелердин өсүшү Мамлекет Башчыларынын тынымсыз байланыштары менен аныкталып жатканы талашсыз.

Фактыга таянсак, өткөн жылы Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы соода жүгүртүү 14,7%га өсүп, 3,5 млрд долларды, өз ара сооданын көлөмү дээрлик 4 миллиард долларды түздү. Улуттук валюталар менен эсептешүүлөрдүн үлүшү 98%дан ашты. Кыргыз экономикасына Россия көп инвестиция кылууда. Сандар 2024-жылы 23%га өсүп, дээрлик 200 миллион долларга жеткен. Учурда Россия-Кыргыз кызматташтыгы 2026-жылга чейинки экономикалык кызматташуу боюнча өкмөттөр аралык программанын алкагында өнүгүп жатат. Так ушул маалда биздин өлкөдө Россиянын катышуусу менен 1700дөн ашык ишкана иштейт. Алар энергетика, өнөр жай, санариптик технологиялар тармагында долбоорлорду ишке ашырып жатат. Биргелешкен ишканалардын иши үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлүп, жагымдуу инвестициялык, ишкердик климат камсыздалууда.

Экономикалык кызматташтыктын сап башында Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду туруп, жигердүү иштеп жатканын баса белгилеп кетсек болот. Анын инвестициялык ресурсу Кыргызстандын аймактарында экономикалык өсүштүн кыймылдаткычы болгон чакан жана орто бизнести колдоодо нар көтөргүс иштерди жасоодо. Атап айтсак, бүгүнкү күнгө чейин 3500дөн ашык долбоорду ишке ашырууга мүмкүндүк берди. Айтор, приоритеттүү багыттардын алдына экономика коюлуп, эки өлкөнүн жетекчилери тарабынан ортодогу соода жүгүртүүнү 5 миллиард долларга жеткирүү милдети коюлган. Өкмөттөр ага карай багыт алып, ийгиликке жетишүү үчүн жаңы шарттарды ыраатуу түрдө түзүп жатат. Маселен, логистикалык коридорлор кеңейтилип, экспортчуларды колдоо күчөтүлүп, электрондук соода өнүгүүдө. Ченемдик укуктук база өркүндөтүлүп, бизнестин чыгымдарын азайтуу боюнча чаралар көрүлүүдө.

Ошого катар ЖККУ алкагындагы өз ара аракеттенүү жүрүп, энергетикалык жана маданий, гуманитардык кызматташтык өнүгүүдө. Маселен, Кыргызстандын аймагында Россия тогуз мектеп курууга даярдык көрүүдө. "Чет өлкөдөгү Россиянын мугалими" долбоору ишке ашырылып, тогуз миңден ашуун кыргызстандык студент Россия Федерациясынын ЖОЖдорунда билим алууда.

Эки күн мурун Кыргызстандагы биринчи Орус тили жана маданияты борборун РФ Мамлекеттик Думасынын депутаты жана "Евразия" уюмунун кеңешинин төрайымы Алена Аршинова ачты. Борбордо орус тилин үйрөтүп, өнүктүрүп, баарлашууга мүмкүнчүлүктөр түзүлөөрүн айтышты. Ошондой эле анда тил курстары, театрдык жана чыгармачылык студиялар, медиамектептер, талкуу клубдары иштейт жана мугалимдер үчүн программалар бар. Кечээ NOMAD телеканалы өз ишин баштады. Анын ачылышына РФ ТИМинин расмий өкүлү Мария Захарова менен Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов катышты.

ЖАҢЫ АВТОБУСТАР ТАПШЫРЫЛДЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Нарын облусуна болгон иш сапарынын алкагында Нарын шаарына жаңы келген техникаларды жана автобустарды тапшырды.

Аталган техникалар Коммуналдык жана шаар чарба кызматтары үчүн алынып, МинКаб Төрагасы 11 автобустун жана техникалардын ачкычтарын тапшырды. Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун тапшырмасына ылайык, Нарын шаарынын транспорт жана курулуш инфраструктурасын өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин турукташтыруу фондунан Нарын шаардык мэриясына 250 000 000 (эки жүз элүү миллион) сом каражат, анын ичинен 230 000 000 (эки жүз отуз миллион) сом атайын техникага бөлүнгөн.

"Эркин-Тоо" пресс

Улуу инсан Иса Ахунбаевдин жолун улантуучу, өлкөнүн башкы кардиохирургу, профессор Калдарбек Абдраманов 70 жашта!

8-9,16-БЕТТЕРДЕ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ЖУСУП АБДРАХМАНОВ АТЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Натыйжалуу жана натыйжага багытталган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат системасын калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларын даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасын өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине, “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-беренесине, “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31^1-беренесине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясына (мындан ары – Академия) ушул Жарлыктын 4-пунктун эске алуу менен уюштуруучулук, финансылык жана академиялык автономдуулук берүүнү караган өзгөчө статус ыйгарылсын.

2. Академия Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин карамагынан чыгарылсын.

3. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Академиянын уставы 1-тиркемеге ылайык;

2) Академияны башкаруу схемасы 2-тиркемеге ылайык.

4. Ушул Жарлык күчүнө кирген күндөн тартып бир жылдык мөөнөттө Академияга карата “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 47-беренесинин 2-бөлүгүн колдонбоону караган, анын финансылык ишин жөнгө салуучу атайын укуктук режим киргизилсин.

5. Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) Академиянын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөнүн шарттары жана штаттык санынын чеги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен Кыргыз Республикасынын өзгөчө статуска ээ мамлекеттик жогорку окуу жайларына берилген укуктарга кошумча Академияга төмөнкүдөй укуктар берилет:

– Академиянын камкорчулук кеңеши менен макулдашуу боюнча ички уюштуруучулук-башкаруучулук түзүмүн өз алдынча аныктоо;

– Академиянын ведомстволук жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн статусун жана аталышын, алардын ишин уюштуруу тартибин жана аларды башкарууга жана кызматкерлерге карата талаптарды өз алдынча аныктоо;

– Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы менен макулдашуу боюнча Академиянын проректорлорун өз алдынча кызмат ордуна дайындоо жана кызмат ордунан бошотуу;

– камкорчулар кеңеши менен макулдашуу боюнча Академиянын кызматкерлерине жана ишке тартылган адистерге материалдык дем берүү жана атайын өнүктүрүү фондунан жумшалуучу каражаттардын көлөмүн жана шарттарын аныктоо;

– бюджеттен тышкары каражаттарды пайдалануу үчүн казыналык системасынан тышкары мамлекеттик катышуу үлүшү бар коммерциялык банктарда банктык эсептерди ачуу;

– билим берүү, консультациялык, илимий-изилдөө, басма, өндүрүштүк-коммерциялык жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка иштен каражаттар түрүндө киреше алууга жана камкорчулар кеңеши менен макулдашуу боюнча аларды Академиянын ишин жакшыртууга жана материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жумшоо;

– акы төлөнүүчү билим берүү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди өз алдынча түзүү жана бекитүү;

– Академиянын юридикалык жак статусу бар ведомстволук жана түзүмдүк бөлүмдөрүнө алардын балансында турбаган, аларга бекитилип берилген материалдык-техникалык базаны капиталдык жана учурдагы оңдоп-түзөөгө, өнүктүрүүгө байланышкан финансылык чыгымдарды аталган бөлүмдөрдүн бекитилген киреше жана чыгаша сметаларынын чегинде жүргүзүүгө укук берүү;

– ыктыярдуу кайрымдуулуктун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка каржылоо булактарынын эсебинен Академияны өнүктүрүү үчүн фонддорду түзүү.

6. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 30-апрелиндеги №57 “Маалыматтык технологиялардын Улуттук борбору жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 2-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

7. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-октябрындагы №357 “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясын кайра уюштуруу жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 2-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

8. Академия:

– юстиция органдарында белгиленген тартипте мамлекеттик кайра каттоону жүргүзсүн;

– өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин жана ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

9. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) Академиянын кызматкерлеринин штаттык санынын чегин көбөйтүүнү жана 2026-жылдын 1-апрелинен тартып төмөнкүлөрдү карасын:

– Академиянын кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатууну:

административдик-башкаруучу жана башка персоналынын – 100 пайызга;

ректордун, проректорлордун – 50 пайызга;

профессордук-окутуучулук курамдын – 100 пайызга;

– атайын өнүктүрүү фондунун иштеши жана кызматкерлерге материалдык дем берүү үчүн республикалык бюджеттен Академияга эмгек акы төлөө фондунун 50 пайызы өлчөмүндө финансылык каражаттарды бөлүүнү;

2) өзгөчө статуска ээ болгон жогорку кесиптик билим берүүнүн айрым мамлекеттик билим берүү уюмдарына карата “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 47-беренесинин 2-бөлүгүн колдонуунун өзгөчөлүктөрүн белгилеген “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун белгиленген тартипте демилгелесин;

3) өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин жана ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

10. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 26-сентябрындагы №206 “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы жөнүндө” Жарлыгы;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2015-жылдын 1-октябрындагы №188 “Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 26-сентябрындагы “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы жөнүндө” Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Жарлыгы;

3) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 2-июлундагы №147 “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы жөнүндө” Жарлыгы;

4) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 18-августундагы №172 “Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 26-сентябрындагы №206 “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы жөнүндө” Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Жарлыгы;

5) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 26-апрелиндеги №130 “Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 26-сентябрындагы №206 “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы жөнүндө” Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Жарлыгы.

11. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

12. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2025-жылдын 24-ноябры, №327

КОРРУПЦИЯНЫН АЛДЫН АЛУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА ЫЙГАРЫМ УКУКТУУЛАРДЫН ИНСТИТУТУН ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Мамлекеттик органдарда коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуулардын институтунун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июундагы №137 “2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” жана 2025-жылдын 25-мартындагы №100 “Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасын коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу орган деп аныктоо жөнүндө” жарлыктарын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондун жана атайын статуска ээ мамлекеттик бийлик органдарын кошпогондо, министрликтер, административдик ведомстволор жана Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин карамагында турган башка мамлекеттик органдар:

– коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуунун кызмат орду жок болгон учурда аны Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы №17 “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө” Жарлыгына ылайык бекитилген штаттык сандын чегинде түзүмгө жана штаттык расписаниелерге киргизсин;

– 2026-жылдын 1-январынан тартып коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуулардын штаттык бирдиктерин аларды күтүүгө каралган бюджеттик каражаттары менен Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына өткөрүп берсин;

– коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктууларга аларды мамлекеттик органдарда жайгаштыруу үчүн жумуш орундарын берсин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн зарыл шарттар, анын ичинде компьютердик техника, байланыш каражаттары менен, кызматтык жана архивдик документтерге, электрондук документ жүгүртүүнүн автоматташтырылган маалыматтык системасына жана маалыматтар базаларына жеткиликтүүлүктү камсыз кылсын;

– коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуулар мамлекеттик органдардын кызмат адамдары менен өз ара аракеттенген учурда аларга көмөк көрсөтсүн.

2. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуулар Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы №17 “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө” Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрине ылайык У-А категориясындагы мамлекеттик жарандык кызматчылар болуп саналат деп белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуроруна коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуулардын укуктук статусун, кызмат ордуна дайындоону жана бошотууну, ишинин негизги багыттарын, функцияларын, отчеттуулугун, ошондой эле мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенүү тартибин аныктоочу алар жөнүндө жобону бекитүү боюнча ыйгарым укук берилсин.

4. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы эки айлык мөөнөттө ушул Жарлыктан келип чыгуучу тиешелүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыксын жана белгиленген тартипте карооо киргизсин.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети эки айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

6. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруу контролдоо башкармалыгына, сот жана прокуратура органдары менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2025-жылдын 24-ноябры, №328

ИШ БИЛГИ ПОЛКОВНИК

КР Жазаларды аткаруу кызматынын мурдагы төрагасы, полковник Советбек АРБАЕВ:

“ГЕНЕРАЛ КОШОНОВГО МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫК БЕРҮҮ ДА АЗДЫК КЫЛАТ...”

1995-жылдын 24-ноябрында Кыргыз Өкмөтүнүн №508 токтому менен “ноябрь айынын акыркы жекшемби күнү КРнын Спорттук, техникалык коргонуу уюмунун кызматкерлеринин кесиптик майрам күнү белгиленет” деп бекитилген. Кылымдык тарыхы бар мындай уюмдун келечек максаттары, ишмердүүлүгү тууралуу мааракелик датаны утурлай дал ушул коомдук бирикменин учурдагы бөлүм башчысы, ардактуу эс алуудагы полковник Советбек Асановичти кепке тарттык.

- Жолдош полковник, алгач өзүңүз эмгектенген коомдук уюмдун тарыхы тууралуу окурмандарга кеңири түшүндүрмө бере кетсеңиз...

- КРнын Спорттук техникалык коргонуу коомдук бирикмеси (СТКУ) өзүн-өзү башкаруунун негизинде аракеттенүүчү өкмөттүк эмес уюм болуп саналат. Уюмга жыл сайын мүчөлөр кошулуп, жалпы саны 25 миң адамга толукталып турат. Бирикменин негизги максаттары:

- Жарандарды мекенчилдикке тарбиялоого катышуу:

- Спорттун техникалык, аскердик-колдонмо түрлөрү, жаштардын техникалык чыгармачылыгын өнүктүрүүгө жигердүү катышуу:

- Жарандарды КРнын Куралдуу күчтөрүндө кызмат өтөөгө жана массалык, техникалык кесиптер боюнча кадрларды даярдоо болуп саналат.

Дагы кененирээк чечмелей келгенде КРнын Спорттук техникалык коргонуу коомдук бирикмеси (СТКУ) мурдагы КРнын ДОСААФ уюмунун мураскери десек жарашат. Ошондуктан, СТКУ боюнча сөз болуп жатканда ДОСААФтын тарыхына токтолуп кетпесек болбойт. Кыргызстандын ДОСААФ уюму 1927-жылы азыркы Какол шаарында өткөрүлгөн эң биринчи уюштуруучу съездинде уюшулган. Алгачкы төрагасы болуп кадимки залкар Жусуп Абдрахманов шайланган.

1948-жылдын январь айында СССРдин Министрлер Кеңешинин ОСОАВИАХИМди 3 өз алдынча коргоо уюмдарына бөлүү жөнүндө токтому кабыл алынган. Алар:

1. Бүткүл союздук аскерге көмөктөөчү коомдук бирикме.

2. Бүткүл союздук авиацияга көмөктөөчү коомдук бирикме.

3. Бүткүл союздук флотко көмөктөөчү коомдук бирикме.

Бирок, мында бир нече коргоо уюмдарынын болушу аскердик-патриоттук иште параллелизмге алып келди. Коомдук коргонуу уюмдарынын структурасын өркүндөтүү жана күч аракеттерди аскердик-патриоттук иштерге топтоо максатында 1951-жылдын 20-августунда СССР Министрлер Совети бардык 3 уюмду Армияга, Авиацияга жана Флотко жардам көрсөтүүнүн бүткүл союздук ыктыярдуу коомуна бириктирүү жөнүндө чечим кабыл алган. Жаңы түзүлгөн коом 240 миң баштапкы уюмдарды жана 11,5 миллионго жакын мүчөлөрдү камтыды. Кыргыз ССРинин ДОСААФы сыяктуу уюмдарды каржылоо ДОСААФтын Москва шаарында жайгашкан Борбордук кеңеши тарабынан камсыз кылынган. ДОСААФтын 1972-жылдагы Уставынын 2-статьясына ылайык уюм өз ишин өзүнүн мүчөлөрүнүн демилгесинин жана өз алдынча ишинин негизинде иш алып барат. Мында мамлекеттин катышуусу эч жерде көрсөтүлгөн эмес. СССРдин ДОСААФынын Уставынын 50-статьясына ылайык, ДОСААФтын каражаттары коомдун жана клубдун мүчөлөрүнүн кирүү, мүчөлүк акыларынан, анын ишаракетинен алынган кирешелеринен түзүлөт.

Жакында, тагыраагы 2027-жылы Кудай буюрса, СТКУнун 100 жылдыгын кеңири белгилөөгө аракет кылып жатабыз. Кезегинде КРнын ДОСААФ-ОСОАВИАХИМ уюму Кыргыз ССРинин жаштарынын арасында Ата мекенди коргоого арналган бир катар алгылыктуу иштерди алып барган. Маселен:

1. Учкучтарды жана парашютчуларды даярдоо (алардын катарында СССРдин эки жолку баатыры, учкуч Талгат Бегелдинов, СССРдин баатыры Екатерина Пасько ж.б. бар). Эң биринчи кыргыз учкуч-инструктору Касым Ормокоев, Жер шарынын түндүк уюлуна парашют менен түшкөн парашютчу Токтогулова Калия ж.б.

2. Фрунзе–Москва маршруту боюнча лыжа менен барышкан Фрунзе аэроклубунун тарбияланууучулары Беринг кысыгын биринчилерден болуп сүзүп өтүшкөн Кыргыз ДОСААФынын командасы ж.б. мисалдар көп.

- Кылымдык тарыхы бар, жарандарды Куралдуу күчтөрдө кызмат өтөөгө даярдоо бирден-бир негизги максаты болгон бул уюм Улуу Ата Мекендик согуш учурунда совет элине опол тоодой кызмат көрсөтсө керек?

- Абдан туура. Согуш жылдары СССРдин ДОСААФ-ОСОАВИАХИМ уюмдары тарабынан жалпы саны 9 миллионго чамалаган жаран аскердик кесипке үйрөтүлүп, теориялык жактан окутулуп, фронтко жөнөтүлгөн. Алардын арасында:

- 139 миң снайпер.

- 240 миң автоматчы.

- 218 миң станоктуу пулеметчу.

- 257 миң минометчу.

- 92 миң кавалеристтер.

- 41 миң автомобиль айдоочулар болгон.

Ушул жерден тарыхый, ары кызыктуу мисалга токтоло кетейинчи. 1939-жылы Ысык-Көл районунун Жаңы-Жол колхозунун жашоочусу Остапенко Михаил Алексеевич ОСОАВИАХИМ шоферлор курсун аяктагандан кийин фронтко колхоздун машинасын кошо айдап кеткен. Таң калыштуу жагдай, ал машинаны айдап, Берлинге чейин жеткен. Баарынан кызыгы, кандуу согуш аяктагандан кийин Михаил Алексеевич ошол эле машинени кайра колхозго айдап келген. Элестеткилечи, кандуу согуш майданы, Германияга чейинки узак-узак оор сапарлар. Муну менен Кудайдын буюруп койгон нерсеси кандай кыйынчылык болсо да ишке ашырылаарына таңдансак болот.

- Согуш учурундагы оор шарттарда иш жүргүзгөн аталган уюм кандуу алаамат аяктап, советтик система жакшы жашоого карай багыт алганда ишмердүүлүгүн күчөтсө керек...

- Албетте, согуштан кийинки жылдары дагы Кыргызстандын ДОСААФ уюму СССРдин Куралдуу күчтөрүн жогорку деңгээлде даярдалган аскердик кесиптин ээлери менен толуктап турган. Ошол кездерде КРнын ДОСААФын Советтер Союзунун Баатыры, айтылуу генерал-лейтенант Калыйнур Үсөнбеков, вице-адмирал Марат Сатиевич Темировдор жетектеп келишкен. Мындай легендарлуу инсандардын аталган уюмду жетектөөсүнүн өзү эле көп нерседен кабар берип турат. Булардын жетектөөсү астында ДОСААФтын иши жаңы сапаттарга көтөрүлгөнүнө тарыхый документтер да айныгыс мисал боло алат.

- Мамлекеттен каржыланбаган уюмдун учурдагы иш-аракеттери кантип жатат? “Кылт эткен” кыбыраган нерсенин бардыгы каражатка байланган азыркыдай шартта кылымдык тарыхы бар уюмдун иши үзгүлтүккө учурап же аксап калган жокпу?

- Азыркы учурда дагы КРнын СТКУ канчалаган каржылык оор шарттарга карабастан өзүнүн алдына коюлган максаттарын татыктуу аткарып келе жатат. Учурда республика боюнча 44 мекемебиз жылына миңдеген айдоочуларды даярдайт. Алардын 10%дан ашыгы Куралдуу күчтөрдүн катарына чакырылат. Ар бир мекемебизде атайын аскердик-патриоттук клубдар уюштурулган. Ал жерлерде тийиштүү окуу-материалдык базаларыбыз бар. Маселен:

- Атайын жабдыкталган класстар:

- Саптык аянтчалар:

- Спорттук шаарчалар:

- Аскерге даярдоочу аянтчалар:

- Курал-жарактардын макеттери, газга каршы кийим, интернетке кошулган компьютерлер ж.б.

Учурда өлкө аймагы боюнча бардык мекемелерибиз 30 жылдык майрамыбызга арналган мектеп окуучуларынын арасында райондук, шаардык деңгээлдеги аскердик спорт түрлөрү боюнча мелдештерди өткөрүп жатышат. Алар өзгөчө кызуу өткөрүлүп, жеңүүчүлөр СТКУнун атайын кубоктору, медалдары жана кызыктыруучу акчалай сыйлыктары менен сыйланышууда. Мындан тышкары Бишкек шаарында билим берүү департаменти менен бирдикте мылтык атуу боюнча мелдештер уюштурулуп, өткөрүлүп жатат. Бул мелдештерди өткөрүүдө СТКУнун спорттук аткычтар клубу чоң жумуштарды аткарып келүүдө. Келээрки жылдын февраль айында республикалык финалдык мелдеш өткөрүлөт. Ал мелдешке СТКУ тарабынан абдан чоң акчалай сыйлыктар коюлган. Тагыраагы:

- Биринчи орунга 80 миң сом.

- Экинчи орунга 60 миң сом.

- Үчүнчү орунга 30 миң сом.

Бул оюнчулардын арасында чоң атаандаштыкты жаратууда. Кудай буюрса, жаштардын арасында биздин ушул клубда машыккан олимпиада чемпиону Александр Реммович Мелентьевдин жолун жолдогон спортчулар дагы чыга берет деген ойдобуз.

- Мамказынадан каржыланбай туруп, кыйынчылыктарга моюбай үзгүлтүксүз иш жүргүзүп, керек болсо жогорудагыдай зор иштерди аркалоону азыркыдай шартта кайсы “жылаңач баатыр” аркалап жатат?

- Ким кандай десе ошо десин, бирок, азыркыдай шартта мындай баатырлыкка тете ишти легендарлуу генерал-майор Кошонов Анарбек Айтышевич аркалоодо. Өзүң айткандай, каржылык жактан кыйын шарттарда азыркы жетишкендиктер үчүн СТКУнун борбордук кеңешинин төрагасы, генерал-майор Анарбек Айтышевичти эң жогорку мамлекеттик сыйлык менен сыйлоо да аздык кылат. Кайпактатпай, кептин түз маанисинде айтканда КРнын Спорттук, техникалык коргонуу уюмун барган сайын жаңы сапаттарга көтөрүп, заман талабынан калтырбай, кемкарчтарын толуктап, ар түрлүү спорттук оюндарды уюштуруп, аларга каржы булактарын таап берип, жумуштун ысык-суугуна чыдап, ийгиликтерди камсыздап жаткан Анарбек Айтышевичтин үзүрлүү эмгеги менен биздеги жетишкендиктер ишке ашууда. Мындай иш билги, караңгыда жол таба билген легендарлуу инсан турганда алдыда уюмдун бир кылымдык мааракеси эң жогорку деңгээлде өтөөрүнөн күмөн санабай деле койсок болот.

Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА («КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОТ АДИЛЕТТИГИ ИШТЕРИ БОЮНЧА КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ», «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУДЬЯЛАРЫНЫН СТАТУСУ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

2025-жылдын 25-сентябрында
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган

1-берене

«Кыргыз Республикасынын Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 19-ноябры, №136) төмөнкүдөй өзгертүүлөр киргизилсин:

1) 4-бereненин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Кеңеш:

1) биринчи инстанциядагы соттордун судьяларынын кызмат орундарына талапкерлердин резервин түзөт;

2) соттордо бир жыныстагы адамдардын 70 пайыздан ашпаган өкүлчүлүгүн эске алуу менен Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьясынын бош кызмат ордуна конкурстук тандоо өткөрөт;

3) конкурстук тандоонун жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине (мындан ары – Президент) Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьясынын бош кызмат ордуна талапкерлерди Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине (мындан ары – Жогорку Кеңеш) сунуштоо үчүн киргизет;

4) штаттык саны 5 жана андан көп бирдикти түзгөн соттордо бир жыныстагы адамдардын 70 пайыздан ашпаган өкүлчүлүгүн эске алуу менен биринчи инстанциядагы соттун судьясынын бош кызмат ордуна дайындоо үчүн талапкерлердин резервинен Президентке талапкерлерди киргизет;

5) Кеңештин Регламентин жана ушул конституциялык Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка актыларды бекитет;

6) Кеңештин мүчөсүнүн ыйгарым укуктарын токтото туруу, токтотуу жөнүндө чечим кабыл алат.»;

2) 18, 19 жана 21-беренелер күчүн жоготту деп таанылсын;

3) төмөнкүдөй мазмундагы 4^1-глава менен толукталсын:

«4^1-глава. Судьялар корпусун түзүү

21^1-берене. Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьясынын бош кызмат ордун ээлөөгө конкурс жарыялоо

1. Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьясынын бош кызмат ордун ээлөөгө талапкерлерди тандоо конкурстук негизде жүзөгө ашырылат.

2. Кеңеш Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьясынын бош кызмат орду ачылгандыгы жөнүндө мамлекеттик басма сөз органында, Кеңештин расмий сайтында, ошондой эле ушул конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 3-бөлүгүнүн негизинде тизмеги Судьялар кеңешинин чечими менен бекитилген жалпыга маалымдоо каражаттарында (мындан ары – башка жалпыга маалымдоо каражаттары) жарыялоо жолу менен жарыялайт.

3. Бош кызмат орду ачылгандыгы жөнүндө жарыяда судьянын бош кызмат ордуна талапкерлерден арыздарды кабыл алуучу жер, арызга тиркелүүчү документтердин тизмеги, ошондой эле документтерди тапшыруу мөөнөтү көрсөтүлөт.

4. Судьянын бош кызмат ордуна конкурска Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Судьялардын статусу жөнүндө конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берүүчү адамдар катыша алат.

5. Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьясынын бош кызмат ордун ээлөөгө талапкердин Кеңештин дарегине арызы жана документтери Сот департаментине талапкердин жеке өзү тарабынан, почта аркылуу же электрондук түрдө Кеңештин электрондук почтасынын расмий дарегине жөнөтүлөт.

6. Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьясынын бош кызмат ордун ээлөөгө талапкер иштеп жаткан судьялардын документтери Судьялардын статусу жөнүндө конституциялык Мыйзамда аныкталган тартипте берилет.

7. Толук эмес көлөмдө же болбосо Судьялардын статусу жөнүндө конституциялык Мыйзамда белгиленген талаптарды сактабастан, белгиленген мөөнөттөн кийин келип түшкөн документтер кайтарып берүүнүн себептерин көрсөтүү менен Кеңештин чечиминин негизинде талапкерге кайтарып берилет.

8. Талапкерлердин акыркы тизмеси мамлекеттик басма сөз органында, Кеңештин расмий сайтында, ошондой эле башка жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.

21^2-берене. Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьясынын кызмат ордуна конкурс

Кеңештин Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьясынын бош кызмат ордуна көрсөтүү жөнүндө сунушу конкурстук тандоонун натыйжалары боюнча берилет, аны өткөрүү тартиби Судьялардын статусу жөнүндө конституциялык Мыйзамда аныкталат.

21^3-берене. Биринчи инстанциядагы соттордун судьяларынын кызмат орундарына талапкерлердин резерви

1. Кеңеш биринчи инстанциядагы соттордун судьяларынын кызмат орундарына дайындалуучу талапкерлердин резервин (мындан ары – талапкерлердин резерви) конкурстук негизде түзөт. Талапкерлердин резервине киргизүүгө конкурс өткөрүүнүн тартиби Судьялардын статусу жөнүндө конституциялык Мыйзамда аныкталат.

2. Талапкерлердин резервине кирүүнү каалаган Кыргыз Республикасынын жарандары Кеңешке арыз менен кайрыла алышат.

3. Талапкерлердин резервине Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Судьялардын статусу жөнүндө конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берген, конкурстук тандоодон ийгиликтүү өткөн адамдар киргизилиши мүмкүн.

4. Талапкерлердин резервине киргизүү Судьялар кеңеши тарабынан аныкталган тартипте өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы боюнча Кеңештин чечими менен жүзөгө ашырылат.

5. Талапкерлердин резерви мамлекеттик басма сөз органында, Кеңештин расмий сайтында, ошондой эле башка жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялануусу тийиш.

21^4-берене. Биринчи инстанциядагы соттордун судьяларынын кызмат орундарына талапкерлердин резервине киргизүүгө конкурс жарыялоо

1. Кеңеш талапкерлердин резервине киргизүү конкурсу жөнүндө маалыматты мамлекеттик басма сөз органына, Кеңештин расмий сайтына, ошондой эле башка жалпыга маалымдоо каражаттарына чыгаруу жолу менен жарыялайт.

2. Талапкерлердин резервине киргизүү конкурсу жөнүндө жарыяда арыздарды кабыл алуучу жер, арызга тиркелүүчү документтердин тизмеги, ошондой эле документтерди тапшыруу мөөнөтү көрсөтүлөт.

3. Талапкерлердин резервине киргизүү конкурсуна Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Судьялардын статусу жөнүндө конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берген адамдар катыша алат.

4. Талапкерлердин резервине киргизүүгө талапкердин Кеңештин дарегине арызы жана документтери Сот департаментине талапкердин жеке өзү тарабынан, почта аркылуу же электрондук түрдө Кеңештин электрондук почтасынын расмий дарегине берилет.

5. Толук эмес көлөмдө же болбосо Судьялардын статусу жөнүндө конституциялык Мыйзамда белгиленген талаптарды сактабастан, белгиленген мөөнөттөн кийин келип түшкөн документтер талапкерге кайтарып берүүнүн себептерин көрсөтүү менен Кеңештин чечиминин негизинде кайтарып берилет.

6. Талапкерлердин резервине кирүүнү каалаган адамдардын акыркы тизмеси мамлекеттик басма сөз органында, Кеңештин расмий сайтында, ошондой эле башка жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат.

21^5-берене. Судьянын кызмат ордуна сунуштоо жана дайындоо жөнүндө Кеңештин сунушу

1. Кеңеш Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьясынын бош кызмат ордун ээлөөгө конкурстук тандоонун натыйжасы боюнча Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьясынын кызмат ордуна шайлоо үчүн Жогорку Кеңешке сунуштама киргизүү жөнүндө Президентке сунуш киргизет.

2. Кеңеш конкурстук тандоонун натыйжасы боюнча биринчи инстанциядагы соттун судьясынын кызмат ордуна дайындоо жөнүндө Президентке сунуш киргизет.

3. Кеңеш тарабынан киргизилген судья кызмат орундарына талапкерлер боюнча сунуштарды Президент жана Жогорку Кеңеш тарабынан кароонун тартиби Судьялардын статусу жөнүндө конституциялык Мыйзамда аныкталат.».

2-берене

«Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына «Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 19-ноябры, №136) төмөнкүдөй өзгертүүлөр киргизилсин:

1) 19-беренеде:

а) 4-бөлүктүн экинчи абзацында «24» деген цифралар «24^1» деген цифраларга алмаштырылсын;

б) 14-бөлүктүн 4-пунктунда «13-беренесинин төртүнчү бөлүгүнүн жетинчи – тогузунчу абзацтарында» деген сөздөр «18-беренесинин 3-бөлүгүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 21-бereненин 2-бөлүгүнүн 4-пунктунда «13-беренесинин төртүнчү бөлүгүнүн жетинчи – тогузунчу абзацтарында» деген сөздөр «18-беренесинин 3-бөлүгүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 22–24-беренелер төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«22-берене. Биринчи инстанциядагы соттордун судьяларынын кызмат ордундарына талапкерлердин резерви

1. Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш конкурстук негизде биринчи инстанциядагы соттордун судьяларынын кызмат орундарына талапкерлердин резервин (мындан ары – талапкерлердин резерви) түзөт.

2. Талапкерлердин резервине кирүүнү каалаган Кыргыз Республикасынын жарандары Сот адилеттиги иштери боюнча кеңешке арыз менен кайрыла алат.

3. Талапкерлердин резервине Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына жооп берген, конкурстук тандоодон ийгиликтүү өткөн адамдар кире алышат.

4. Талапкерлердин резервине киргизүү Судьялар кеңеши аныктаган тартипте өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы боюнча Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин чечими менен жүзөгө ашырылат.

5. Судьянын кызмат ордуна талапкер талапкерлердин резервинен төмөнкү учурларда чыгарылат:

1) алар талапкерлердин резервинен чыгаруу жөнүндө арыз бергенде;

2) анын окуусунун жана такшалмасынын натыйжаларына канааттандырарлык эмес баа берилгенде;

3) Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкондо;

4) сот адилеттигин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуучу оорулар пайда болгондо;

5) аны белгиленген тартипте аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп таануганда;

6) каза болгондо же соттун чечими менен анын өлгөндүгү жарыяланганда;

7) кылмыш же анын кадыр-баркын жана беделин жаманатты кыла турган башка аракеттерди жасаганда;

8) кезектүүлүк тартибинде сунушталган судьялык кызмат ордунан баш тартканда.

Судьянын кызмат ордуна талапкер, эгерде ал эки жылдын ичинде судьялык кызмат ордуна көрсөтүлбөсө, талапкерлердин резервинен чыгарылат.

6. Конкурс өткөрүүнүн, талапкерлердин резервине кошуунун, жүргүзүүнүн, ага талапкерлерди киргизүүнүн жана чыгаруунун тартиби Судьялар кеңеши тарабынан аныкталат.

7. Талапкерлердин резерви Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин расмий сайтында, ошондой эле башка жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялануусу тийиш.

23-берене. Талапкерлердин резервине киргизүү үчүн конкурс

1. Талапкерлердин резервине киргизүү үчүн талапкерлерди тандоо конкурстук тандоону өткөрүү жолу менен Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан конкурстук негизде жүзөгө ашырылат.

2. Конкурстун жыйынтыгы боюнча кыйла жогору натыйжага ээ болгон талапкерлердин саны Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан жарыяланган орундарга барабар тандалат.

3. Конкурстун жыйынтыгы боюнча кыйла жогору балл алган талапкерлер алган баллдарынын кемүү тартибинде талапкерлердин резервине киргизилет. Талапкерлер тең балл алган учурда Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш талапкерлерди талапкерлердин резервине киргизүү же киргизбөө жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечим кабыл алат.

4. Талапкерлердин резервине киргизүү үчүн конкурстун натыйжалары үч жумуш күндүн ичинде мамлекеттик басма сөз органына, Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин расмий сайтына, ошондой эле башка жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланат.

5. Талапкерлердин резервине киргизилген судьянын кызмат ордуна талапкер Судьялар кеңеши тарабынан аныкталган тартипте жана мөөнөттөрдө Жогорку сотко караштуу Сот адилеттиги жогорку мектебинде окуудан жана жалпы юрисдикциядагы соттордо такшалмадан өтүүгө тийиш. Окуу жана такшалмадан өтүү мезгилинде иштеп жаткан талапкердин негизги жумуш орду сакталат.”;

24-берене. Талапкерлердин резервине киргизүү үчүн конкурска документтерди тапшыруу тартиби

1. Талапкерлердин резервине киргизүү үчүн талапкердин арызы жана документтери жеке өзү тарабынан, почта аркылуу же электрондук түрдө Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин электрондук почтасынын расмий дарегине жиберилет.

2. Талапкердин Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин дарегине жазылган талапкерлердин резервине киргизүү үчүн арызы Сот департаментине берилет.

Арызга төмөнкүлөр тиркелет:

1) талапкердин жарандыгын жана жаш курагын күбөлөндүрүүчү паспорттун көчүрмөсү;

2) «Юриспруденция» адистиги боюнча жогорку юридикалык билими же тиешелүү багыт боюнча «бакалавр» академиялык даражасы болгондо, «магистр» академиялык даражасын ыйгаруу менен «Юриспруденция» даярдык багыты боюнча жогорку билими жөнүндө дипломунун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

3) эмгек китепчесинин, талапкердин юридикалык кесиби боюнча иш стажы бар экендигин тастыктаган башка документтердин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

4) талапкерде судьянын кызмат ордуна дайындоого тоскоолдук кылуучу оорулардын жоктугун көрсөтүү менен конкурска катышканга чейин 6 айдан эрте эмес берилген ден соолугунун абалы жөнүндө медициналык корутунду;

5) талапкерге карата ушул конституциялык Мыйзамда каралган кошумча талаптардын болушун тастыктаган документ;

6) мамлекеттик тилди B1 деңгээлинен төмөн эмес биле тургандыгын тастыктаган ыйгарым укуктуу органдын сертификатынын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

7) талапкердин жана анын жакын туугандарынын соттуулугу жок экендиги жөнүндө же талапкердин жакын туугандарынын соттуулугунун мыйзамда белгиленген тартипте жоюлгандыгы тууралуу маалымкат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА («КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОТ АДИЛЕТТИГИ ИШТЕРИ БОЮНЧА КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ», «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУДЬЯЛАРЫНЫН СТАТУСУ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

Арызга талапкердин инсандыгын мүнөздөгөн башка документтер (пикирлер, сунуштамалар) тиркелиши мүмкүн.

Судьянын кызмат ордуна дайындоого тоскоолдук кылуучу оорулардын тизмеги Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

3. Биринчи инстанциядагы соттордун судьяларынын документтери Сот департаменти тарабынан түзүлөт.

4. Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан судьяларынын документтери төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

1) судьянын өздүк ишин;

2) судьялык кызмат ордунда иштеген убактагы караган иштеринин санын жана сапатын чагылдыруучу маалыматтарды;

3) сыйлыктары, кубаттоолору жана жазалары жөнүндөгү маалыматтарды.

5. Талапкерлердин резервине киргизүү үчүн талапкерлердин арыздарды жана документтерди берүү мөөнөтү Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан белгиленет жана жарыя жарыяланган күндөн тартып 14 күндөн аз болбоого тийиш.

Ушул беренеде белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин берилген документтер кабыл алынбайт.

Сот департаменти арызды жана ага тиркелген документтерди кабыл алгандан кийин тиешелүү органдардан талапкердин соттуулугу жөнүндө маалыматты өз алдынча суратып алат.

Тиешелүү ыйгарым укуктуу орган талапкердин соттуулугу бар же болбосо жок экендиги жөнүндө маалыматты 10 күндөн кечиктирилбеген мөөнөттө жиберүүгө милдеттүү.

6. Биринчи инстанциядагы соттун судьясынын кызмат ордун ээлөөгө талапкерлердин резервине киргизүү үчүн конкурска катышууга документтери кабыл алынган адамдар талапкерлердин тизмесине киргизилет. Талапкерлердин тизмеси талапкерлердин кесиптик жана моралдык сапаттары жөнүндө пикирлерди алуу үчүн конкурс жөнүндө жарыя жарыяланган күндөн тартып 40 күндөн кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик басма сөз органына жана Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин расмий сайтына жарыяланат.

Пикирлерди алуу үчүн мөөнөт Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан аныкталат.»;

4) төмөнкүдөй мазмундагы 24^1 жана 24^2-беренелер менен толукталсын:

«24^1-берене. Конкурстук тандоо

1. Конкурстук тандоо – юридикалык билимдин жогорку деңгээлине ээ, Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьяларынын кызмат орундарына сунуштоо, ошондой эле талапкерлердин резервине аларды киргизүү үчүн инсандык, квалификациялык жана жүрүм-турум талаптарына жооп берген адамдарды табуу максатында көз карандысыз коллегиялуу орган – Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылуучу процесс.

Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш конкурстук тандоону өткөрүүдө Судьялар кеңеши тарабынан аныкталган тартипте заманбап маалыматтык технологияларды пайдалана алат.

Конкурстук тандоо талапкерлердин маанилүү кесиптик жана эркттүүлүк сапаттарын аныктоо үчүн аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү жолу менен жүзөгө ашырылат.

Аңгемелешүүгө төмөнкүлөр киргизилет:

1) ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктап бараткан иштеп жаткан судьялар;

2) судьялык иш стажы бар, ошол эле учурда алардын конкурска катышууга арыз берүүнүн жана адамды судьянын кызмат ордунан бошотуунун же болбосо судьянын ыйгарым укуктарын токтотуунун ортосундагы тыныгуу мөөнөтү 5 жылдан ашпаган адамдар;

3) ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктай элек иштеп жаткан судьялар;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын билүүсү боюнча тестирлөөдөн өткөн адамдар.

2. Аңгемелешүүгө киргизүүдө Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш төмөнкүлөрдү иликтейт:

1) талапкерлердин документтерин жана алардын ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келишин;

2) декларациялоо жөнүндө мыйзамдарга ылайык маалымат берип жаткан талапкердин, анын жубайынын, жакын туугандарынын кирешелери жана чыгымдары жөнүндө декларацияларын;

3) талапкердин жүрүм-турумунун кынтыксыздыгын тастыктоочу башка маалыматты (талапкерге пикирлерди, сунуштамаларды).

Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш судьянын бош кызмат ордун ээлөөгө талапкерге карата декларациялоо жөнүндө мыйзамдарга ылайык маалымат берүүчү талапкердин, анын жубайынын, жакын туугандарынын кирешелери жана чыгымдары жөнүндө декларацияларын суратып алууга милдеттүү.

Документтерди иликтөөнүн натыйжалары боюнча Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш талапкерди конкурстук тандоого киргизүү жөнүндө чечим кабыл алат. Талапкерди киргизүү жөнүндө чечим Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан ачык добуш берүү аркылуу Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

3. Аңгемелешүү Судьялар кеңеши аныктаган тартипте жүргүзүлөт.

Жергиликтүү соттордун иштеп жаткан судьялары менен аңгемелешүү өткөрүүдө судьялардын ишинин сапатын акыркы кесиптик баалоонун натыйжалары эске алынат.

Аңгемелешүүнүн суроолору жана жооптору Судьялар кеңеши тарабынан жыл сайын бекитилет жана Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин расмий сайтына жана Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан аныкталган жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланат.

4. Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан Президентке сунуштоо үчүн Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьяларынын кызмат орундарына сунушталган талапкерлердин тизмеси конкурстук тандоодон өтүүдө алган баллга ылайык кемүү тартибинде, бирок Судьялар кеңеши тарабынан белгиленген босоголук баллдан төмөн эмес түзүлөт.

5. Конкурстун жыйынтыктары боюнча эң көп балл алган Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьяларынын кызмат орундарына талапкерлер Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан бош орундарга барабар санда сунуштоо үчүн Президентке сунуш кылынат.

6. Конкурстук тандоодон өткөн жана босоголук баллды алган, бирок Президентке сунушталбаган Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьяларынын кызмат орундарына талапкерлер талапкерлердин тизмесинде калтырылат.

Босоголук баллды албай калган талапкерлер, Президенттин жүйөлөштүрүлгөн чечими менен Сот адилеттиги иштери боюнча кеңешке материалдары кайтарып берилген талапкерлер, ошондой эле Жогорку Кеңеш шайлабаган талапкерлер Конституциялык соттун, Жогорку соттун судьяларынын бош кызмат орундарына башка конкурстук тандоолорго бир жылдан эрте эмес убакыттан кийин катышууга укуктуу.

Тиешелүү тизмеден талапкерлерди сунуштоо ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте талапкер алган баллдын санына жараша кезектүүлүк тартибинде жүргүзүлөт. Талапкерлер аларды Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан Президентке сунуштолышына жараша талапкерлердин тизмесинен чыгарылат.

7. Мурда сунушталган бардык талапкерлер дайындалган же шайланган, судьялардын бардык бош кызмат орундары толтурулган же болбосо көрсөтүлгөн кызмат орундарына талапкерлердин түзүлгөн тизмеси толук пайдаланылган учурларда талапкерлердин тизмеси Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан жоюлат.

8. Конкурстук тандоонун бардык материалдары талапкердин өздүк ишине тиркелет. Конкурска катышкан талапкерлердин өздүк иштери кайтарып берилбейт жана Сот департаментинде сакталат.

24^2-берене. Биринчи инстанциядагы соттун судьясынын бош кызмат ордун ээлөө тартиби

1. Биринчи инстанциядагы соттун судьясынын бош кызмат орду төмөнкүлөргө байланыштуу түзүлөт:

1) биринчи инстанциядагы соттун судьясынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аякташына;

2) Конституцияда белгиленген жаш курагынын чегине жеткендигине;

3) биринчи инстанциядагы соттун судьясынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулганына;

4) биринчи инстанциядагы соттордун судьяларынын жаңы штаттык бирдиктери киргизилгендигине;

5) адистештирилген соттордун түзүлүшүнө.

2. Бош кызмат ордун ээлөө ачылган бош кызмат орду жөнүндө Сот адилеттиги иштери боюнча кеңешке кийин маалымдоо менен Жогорку соттун төрагасы судьяларды ротациялоо (судьяны бир жергиликтүү соттон башкасына которуу) мүмкүнчүлүгүн карагандан кийин жүргүзүлөт.

3. Жергиликтүү соттун судьясы өзүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганга чейин 80 күндөн эрте эмес жана 60 күндөн кеч эмес аны жергиликтүү соттун судьялыгына дайындоо жөнүндө Сот адилеттиги иштери боюнча кеңешке арыз менен кайрылууга укуктуу. Мындай учурда Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш арыз келип түшкөн күндөн тартып 2 жумалык мөөнөттө аны ушул конституциялык Мыйзамдын 24^1-беренесинде каралган эрежелер боюнча карайт. Мында эгерде талапкер Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан биринчи инстанциядагы соттун судьялыгына дайындоого сунушталбаса, анда биринчи инстанциядагы соттун судьясынын күтүлгөн бош кызмат ордуна ушул берененин 4-бөлүгүндө белгиленген тартипте талапкерлердин резервине киргизилген талапкер дайындалат. Талапкерлиги Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан сунушталбаган судья анын талапкерлиги Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш тарабынан четке кагылган күндөн тартып бир жылдан эрте эмес убакыттан кийин судьялардын башка бош кызмат орундарына талапкер болууга укуктуу.

4. Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш бош судьялык кызмат орду ачылышына жараша ушул кызмат орунду судьянын кызмат ордуна талапкерлер резервинде биринчи орунда турган талапкерге сунуштайт. Талапкер баш тарткан учурда бош кызмат орду талапкерлер резервине ылайык кезектүүлүк тартибинде кийинки талапкерге сунушталат. Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин көрсөтүлгөн кызмат ордуна кайталанган сунуштары талапкерлердин түзүлгөн резерви толук пайдаланылганга чейин киргизилет. Талапкерлердин түзүлгөн резерви толук пайдаланылган учурда Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш талапкерлердин резервине киргизүү үчүн жаңы конкурс өткөрөт.»;

5) 25-беренеде:

а) аталышында «жергиликтүү соттордун» жана «жергиликтүү сотторго» деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша «биринчи инстанциядагы соттордун» жана «биринчи инстанциядагы сотторго» деген сөздөргө алмаштырылсын.

б) 1 жана 2-бөлүктөр төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Биринчи инстанциядагы соттордун судьялары конкурстун жыйынтыктары боюнча талапкерлердин резервине киргизилген жана Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш сунушталган адамдардын ичинен Президент тарабынан дайындалат.

2. Биринчи инстанциядагы соттун судьялыгына дайындоого талапкерге сунуштама талапкерлердин резервине киргизүү үчүн конкурстун натыйжаларына ылайык Президентке киргизилет.

Сунушталган талапкер боюнча материалдарды алган күндөн тартып 10 жумуш күндүн ичинде Президент өзүнүн жүйөлөштүрүлгөн чечими менен Сот адилеттиги иштери боюнча кеңешке кайтарып берүүгө укуктуу.

Бул учурда Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш ушул конституциялык Мыйзамдын 24^2-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган тартипте талапкерлердин резервинен жаңы талапкерди алган баллынын санына жараша кезектүүлүк тартибинде 10 жумуш күндүн ичинде сунуштайт.

Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин кайталанган сунуштары талапкерлердин түзүлгөн резерви толук пайдаланылганга чейин киргизилет. Талапкерлердин резерви толук пайдаланылган учурда Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш жаңы конкурс өткөрөт.».

в) 3-бөлүктө «Жергиликтүү соттордун», «жергиликтүү соттун» жана «жергиликтүү сотко» деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша «Биринчи инстанциядагы соттордун», «биринчи инстанциядагы соттун» жана «биринчи инстанциядагы сотко» деген сөздөргө алмаштырылсын.

3-берене

Ушул конституциялык Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2025-жылдын 15-ноябры, №261

ОСМОНОВ ЖЫЛКЫБЕК АГАБЫЗ 74 ЖАШ КУРАГЫНДА АККА МОЮН СУНДУ

Осмонов Жылкыбек 1952-жылы Кочкор районундагы Дөң-Алыш айылында төрөлгөн. Эмгек жолун ушул эле айылда мал доктур болуп баштаган. Кийин Нарындагы Педагогикалык техникумдун дене тарбия факультетин окуп бүтүргөн.

1976-жылдан тартып райондогу “Чолпон” орто мектебинде дене тарбия мугалими болуп бир нече жыл иштеген. Кийин Кочкор районундагы “Комсомол” совхозунда кампа башчысы болуп которулуп, чарба тараганча жигердүү эмгектенген.

Союз маалында “Комсомол” совхозу алдыңкы чарба болуп, Кыргыз ССРинин көчмө кызыл туусун көп жылдар бою колдон чыгарбай алып жүргөн чарба болгон. Совхоздун мындай ийгилигинде кампа башчысы катары өз ишине так, сарамжал, чарбанын тоютун коромжуга учуратпай иш жүргүзүп келгени менен да чоң салым кошкон.

Ал өмүрүнүн акырына чейин чарбачыл, иш билги, мол тажрыйбага ээ инсан катары жаштарга, айылдаштары менен ага-туугандарына үлгү болуп келген. Осмонов Жылкыбек рынок шартында мал асыроонун сырларын да мыкты өздөштүрүп, алдыңкы чарбакер атыккан.

Айылдыктар Жылкыбек чоң атасын тартып (Осмон Эмгек Кызыл Туу орденинин ээси) жана Шамшидин байкесинин акыл-наасатын алып, жаштайынан абдан чыйрак, эмгекчил болуп өстү деп айтып калышар эле.

Аттиң, мына ушундай инсанды шум ажал арабыздан алып кетти! Жаткан жериңиз жайлуу, топурагыңыз торко болсун! Бейиштик болуңуз!

Кош байке!

Таштанбек Шамшидинов, Бүткүл дүйнөлүк, эл аралык журналисттер Союзунун төрагасы.

“Эркин-Тоо” гезитинин эмгек жамааты Т.Шамшидиновго бир тууган агасынын дүйнөдөн мезгилсиз кайткандыгына байланыштуу терең кайгыруу менен көңүл айтат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В КОНСТИТУЦИОННЫЕ ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О СОВЕТЕ ПО ДЕЛАМ ПРАВОСУДИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ», «О СТАТУСЕ СУДЕЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»)

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики
25 сентября 2025 года

Статья 1

Внести в конституционный Закон Кыргызской Республики «О Совете по делам правосудия Кыргызской Республики» (газета «Эркин-Тоо» от 19 ноября 2021 года №136) следующие изменения:

1) часть 1 статьи 4 изложить в следующей редакции:

«1. Совет:

1) формирует резерв кандидатов на должности судей судов первой инстанции;

2) проводит конкурсный отбор на вакантную должность судьи Конституционного суда, Верховного суда с учетом представительства не более 70 процентов лиц одного пола в судах;

3) по итогам конкурсного отбора вносит Президенту Кыргызской Республики (далее – Президент) кандидатуры для представления в Жогорку Кенеш Кыргызской Республики (далее – Жогорку Кенеш) на вакантную должность судьи Конституционного суда, Верховного суда;

4) вносит Президенту кандидатуры для назначения на вакантную должность судьи суда первой инстанции из резерва кандидатов с учетом представительства не более 70 процентов лиц одного пола в судах, штатная численность которых составляет 5 и более единиц;

5) утверждает Регламент Совета и другие акты, предусмотренные настоящим конституционным Законом и законодательством Кыргызской Республики;

6) принимает решение о приостановлении, прекращении полномочий члена Совета.»;

2) статьи 18, 19 и 21 признать утратившими силу;

3) дополнить главой 4^1 следующего содержания:

«Глава 4^1. Формирование судейского корпуса

Статья 21^1. Объявление конкурса на замещение вакантной должности судьи Конституционного суда, Верховного суда

1. Отбор кандидатов на замещение вакантной должности судьи Конституционного суда, Верховного суда осуществляется на конкурсной основе.

2. Совет объявляет об открытии вакантной должности судьи Конституционного суда, Верховного суда путем опубликования в государственном печатном органе, на официальном сайте Совета, а также в средствах массовой информации, перечень которых утверждается решением Совета судей на основании части 3 статьи 15 настоящего конституционного Закона (далее – иные средства массовой информации).

3. В объявлении об открытии вакантной должности указываются место приема заявлений от претендентов на вакантную должность судьи, перечень документов, прилагаемых к заявлению, а также срок подачи документов.

4. В конкурсе на вакантную должность судьи могут участвовать лица, отвечающие требованиям Конституции Кыргызской Республики и конституционного Закона о статусе судей.

5. Заявление и документы кандидата на замещение вакантной должности судьи Конституционного суда, Верховного суда в адрес Совета представляются кандидатом в Судебный департамент лично, по почте или в электронной форме на официальный адрес электронной почты Совета.

6. Документы действующих судей, претендующих на замещение вакантной должности судьи Конституционного суда, Верховного суда, подаются в порядке, определенном конституционным Законом о статусе судей.

7. Документы, поступившие после установленного срока, не в полном объеме либо без соблюдения требований, установленных конституционным Законом о статусе судей, возвращаются кандидату на основании решения Совета с указанием причины возврата.

8. Окончательный список кандидатов публикуется в государственном печатном органе, на официальном сайте Совета, а также в иных средствах массовой информации.

Статья 21^2. Конкурс на должность судьи Конституционного суда, Верховного суда

Предложение Совета о представлении на вакантную должность судьи Конституционного суда, Верховного суда дается по результатам конкурсного отбора, порядок проведения которого определяется конституционным Законом о статусе судей.

Статья 21^3. Резерв кандидатов на должности судей судов первой инстанции

1. Совет формирует на конкурсной основе резерв кандидатов, назначаемых на должности судей судов первой инстанции (далее – резерв кандидатов). Порядок проведения конкурса на включение в резерв кандидатов определяется конституционным Законом о статусе судей.

2. Граждане Кыргызской Республики, изъявившие желание на включение в резерв кандидатов, могут обратиться с заявлением в Совет.

3. В резерв кандидатов могут быть включены лица, отвечающие требованиям Конституции Кыргызской Республики и конституционного Закона о статусе судей, успешно прошедшие конкурсный отбор.

4. Зачисление в резерв кандидатов осуществляется решением Совета по итогам конкурса, проводимого в порядке, определяемом Советом судей.

5. Резерв кандидатов подлежит опубликованию в государственном печатном органе, на официальном сайте Совета, а также в иных средствах массовой информации.

Статья 21^4. Объявление конкурса на включение в резерв кандидатов на должности судей судов первой инстанции

1. Совет объявляет информацию о конкурсе на включение в резерв кандидатов путем опубликования в государственном печатном органе, на официальном сайте Совета, а также в иных средствах массовой информации.

2. В объявлении о конкурсе на включение в резерв кандидатов указывается место приема заявлений, перечень документов, прилагаемых к заявлению, а также срок подачи документов.

3. В конкурсе на включение в резерв кандидатов могут участвовать лица, отвечающие требованиям Конституции Кыргызской Республики и конституционного Закона о статусе судей.

4. Заявление и документы кандидата на включение в резерв кандидатов в адрес Совета представляются кандидатом в Судебный департамент лично, по почте или в электронной форме на официальный адрес электронной почты Совета.

5. Документы, поступившие после установленного срока, не в полном объеме либо без соблюдения требований, установленных конституционным Законом о статусе судей, возвращаются кандидату на основании решения Совета с указанием причины возврата.

6. Окончательный список лиц, претендующих на включение в резерв кандидатов, публикуется в государственном печатном органе, на официальном сайте Совета, а также в иных средствах массовой информации.

Статья 21^5. Предложение Совета о представлении и назначении на должность судьи

1. Совет по результатам конкурсного отбора на замещение вакантной должности судьи Конституционного суда, Верховного суда вносит Президенту предложение о внесении представления в Жогорку Кенеш для избрания на должность судьи Конституционного суда, Верховного суда.

2. Совет по результатам конкурсного отбора вносит Президенту предложение о назначении на должность судьи суда первой инстанции.

3. Порядок рассмотрения Президентом и Жогорку Кенешем внесенных Советом предложений по кандидатам на должности судей определяется конституционным Законом о статусе судей.».

Статья 2

Внести в конституционный Закон Кыргызской Республики «О статусе судей Кыргызской Республики» (газета «Эркин-Тоо» от 19 ноября 2021 года №136) следующие изменения:

1) в статье 19:

а) в абзаце втором части 4 цифры «24» заменить цифрами «24^1»;

б) в пункте 4 части 14 слова «абзацами седьмым – девятым части четвертой статьи 13» заменить словами «частью 3 статьи 18»;

2) в пункте 4 части 2 статьи 21 слова «абзацами седьмым – девятым части четвертой статьи 13» заменить словами «частью 3 статьи 18»;

3) статьи 22–24 изложить в следующей редакции:

«Статья 22. Резерв кандидатов на должности судей судов первой инстанции

1. Совет по делам правосудия формирует на конкурсной основе резерв кандидатов на должности судей судов первой инстанции (далее – резерв кандидатов).

2. Граждане Кыргызской Республики, изъявившие желание на включение в резерв кандидатов, могут обратиться с заявлением в Совет по делам правосудия.

3. В резерв кандидатов могут быть включены лица, отвечающие требованиям Конституции Кыргызской Республики и настоящего конституционного Закона, успешно прошедшие конкурсный отбор.

4. Зачисление в резерв кандидатов осуществляется решением Совета по делам правосудия по итогам конкурса, проводимого в порядке, определяемом Советом судей.

5. Кандидат на должность судьи исключается из резерва кандидатов в случаях:

1) подачи им заявления об исключении из резерва кандидатов;

2) неудовлетворительной оценки результатов его обучения и стажировки;

3) утраты гражданства Кыргызской Республики;

4) возникновения у него заболеваний, препятствующих отправлению правосудия;

5) признания его в установленном порядке недееспособным или ограниченно дееспособным;

6) смерти или объявления его умершим решением суда;

7) совершения преступления или иных действий, порочащих его честь и достоинство;

8) отказа от предлагаемой судейской должности в порядке очередности.

Кандидат на должность судьи также исключается из резерва кандидатов, если он не был выдвинут на судейскую должность в течение двух лет.

6. Порядок проведения конкурса, зачисления, ведения резерва кандидатов, включения и исключения кандидатов из него определяется Советом судей.

7. Резерв кандидатов подлежит опубликованию на официальном сайте Совета по делам правосудия, а также в средствах массовой информации.

Статья 23. Конкурс для зачисления в резерв кандидатов

1. Отбор кандидатов для зачисления в резерв кандидатов осуществляется Советом по делам правосудия на конкурсной основе путем проведения конкурсного отбора.

2. По итогам конкурса отбирается количество кандидатов, набравших наиболее высокие результаты, равное количеству должностей, опубликованных Советом по делам правосудия.

3. Кандидаты, набравшие наиболее высокие результаты по итогам конкурса, зачисляются в резерв кандидатов в порядке убывания набранных баллов. В случае получения кандидатами равного балла Совет по делам правосудия принимает мотивированное решение о включении или невключении кандидатов в резерв кандидатов.

4. Результаты конкурса для зачисления в резерв кандидатов публикуются в течение трех рабочих дней в государственном печатном органе, на официальном сайте Совета по делам правосудия, а также в иных средствах массовой информации.

5. Кандидат на должность судьи, зачисленный в резерв кандидатов, должен пройти обучение в Высшей школе правосудия при Верховном суде и стажировку в судах общей юрисдикции в порядке и сроки, определяемые Советом судей. На период обучения и прохождения стажировки за работающим кандидатом сохраняется его основное рабочее место.

Статья 24. Порядок представления документов на конкурс для зачисления в резерв кандидатов

1. Заявление и документы претендента для зачисления в резерв кандидатов представляются претендентом лично, по почте или в электронной форме на официальный адрес электронной почты Совета по делам правосудия.

2. Заявление претендента для зачисления в резерв кандидатов в адрес Совета по делам правосудия представляется в Судебный департамент.

К заявлению прилагаются:

1) копия паспорта, свидетельствующего о гражданстве и возрасте претендента;

2) заверенная копия диплома о высшем юридическом образовании по специальности «Юриспруденция» или высшем образовании по направлению подготовки «Юриспруденция» с присвоением академической степени «магистр» при наличии академической степени «бакалавр» по соответствующему направлению;

3) заверенные копии трудовой книжки, иных документов, подтверждающих наличие у претендента стажа работы по юридической профессии;

4) медицинское заключение о состоянии здоровья, выданное не ранее чем за 6 месяцев до участия в конкурсе, с указанием отсутствия у претендента заболеваний, препятствующих назначению на должность судьи;

5) документ, подтверждающий наличие дополнительного требования, предъявляемого к претенденту, предусмотренного настоящим конституционным Законом;

6) нотариально заверенная копия сертификата уполномоченного органа, подтверждающего знание государственного языка на уровне не ниже B1;

7) справка об отсутствии судимости у кандидата и его близких родственников, или о погашенной судимости близких родственников кандидата в установленном законом порядке.

К заявлению могут быть приложены иные документы (отзывы, рекомендации), характеризующие личность претендента.

Перечень заболеваний, препятствующих назначению на должность судьи, устанавливается Кабинетом Министров.

3. Документы судей судов первой инстанции формируются Судебным департаментом.

4. Документы действующих судей Кыргызской Республики должны содержать:

1) личное дело судьи;

2) данные за время работы на судейской должности, отражающие количество и качество рассмотренных дел;

3) данные о наградах, поощрениях и взысканиях.

5. Срок подачи заявлений и документов претендентов для зачисления в резерв кандидатов устанавливается Советом по делам правосудия и не может быть менее 14 дней со дня опубликования объявления.

Не принимаются документы, представленные по истечении установленного настоящей статьей срока.

Судебный департамент после принятия заявления и приложенных к нему документов самостоятельно запрашивает информацию о судимости претендента у соответствующих органов.

Соответствующий уполномоченный орган обязан в срок не позднее 10 дней направить информацию о наличии либо отсутствии судимости у претендента.

6. Лица, чьи документы на участие в конкурсе для зачисления в резерв кандидатов на замещение должности судьи суда первой инстанции приняты, включаются в список претендентов. Список претендентов публикуется в государственном печатном органе Кыргызской Республики и на официальном сайте Совета по делам правосудия не позднее 40 дней со дня публикации объявления о конкурсе для получения откликов о профессиональных и моральных качествах претендентов.

КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В КОНСТИТУЦИОННЫЕ ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О СОВЕТЕ ПО ДЕЛАМ ПРАВОСУДИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ», «О СТАТУСЕ СУДЕЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»)

Срок для получения откликов определяется Советом по делам правосудия.»;

4) дополнить статьями 24^1 и 24^2 следующего содержания:

«Статья 24^1. Конкурсный отбор

1. Конкурсный отбор – процесс, который осуществляется независимым коллегиальным органом – Советом по делам правосудия с целью выявления лиц, имеющих высокий уровень юридических знаний, отвечающих требованиям к личности обладателя, квалификации и поведению для представления их на должности судей Конституционного суда, Верховного суда, а также для зачисления их в резерв кандидатов.

При проведении конкурсного отбора Совет по делам правосудия может использовать современные информационные технологии в порядке, определяемом Советом судей.

Конкурсный отбор осуществляется путем проведения собеседования для определения важных профессиональных и волевых качеств кандидатов.

К собеседованию допускаются:

1) действующие судьи, срок полномочий которых истекает;

2) лица, имеющие судейский стаж работы, у которых при этом срок перерыва между подачей заявления на участие в конкурсе и освобождением лица от должности судьи либо прекращением полномочий судьи не превышает 5 лет;

3) действующие судьи, срок полномочий которых не истек;

4) лица, прошедшие тестирование на знание законодательства Кыргызской Республики.

2. При допуске к собеседованию Совет по делам правосудия изучает:

1) документы кандидатов и соответствие их требованиям настоящего конституционного Закона;

2) декларации о доходах и расходах кандидата, представляющего сведения в соответствии с законодательством о декларировании, его супруга (супруги), близких родственников;

3) иную информацию (отзывы на кандидата, рекомендации), подтверждающую безупречность поведения кандидата.

Совет по делам правосудия обязан запросить в отношении кандидата, претендующего на замещение вакантной должности судьи, декларации о доходах и расходах кандидата, представляющего сведения в соответствии с законодательством о декларировании, его супруга (супруги), близких родственников.

По результатам изучения документов Совет по делам правосудия принимает решение о допуске кандидата к конкурсному отбору. Решение о допуске кандидата принимается Советом по делам правосудия открытым голосованием большинством голосов от общего числа членов Совета.

3. Собеседование проводится в порядке, определяемом Советом судей.

При проведении собеседования с действующими судьями местных судов учитываются результаты последней профессиональной оценки качества деятельности судей.

Вопросы и ответы собеседования утверждаются Советом судей ежегодно и публикуются на официальном сайте Совета по делам правосудия и в средствах массовой информации, определяемых Советом по делам правосудия.

4. Список кандидатов на должности судей Конституционного суда, Верховного суда, предлагаемый Советом по делам правосудия Президенту для представления, формируется в порядке убывания согласно полученным баллам при прохождении конкурсного отбора, но не ниже порогового балла, установленного Советом судей.

5. Кандидаты на должности судей Конституционного суда, Верховного суда, получившие наибольшее количество баллов по итогам конкурса, представляются Советом по делам правосудия Президенту для представления в количестве, равном вакантным местам.

6. Кандидаты на должности судей Конституционного суда, Верховного суда, прошедшие конкурсный отбор и преодолевшие пороговый балл, но не представленные Президенту, остаются в списке кандидатов.

Кандидаты, не набравшие пороговый балл, кандидаты, материалы которых возвращены в Совет по делам правосудия мотивированным решением Президента, а также кандидаты, которых не избрал Жогорку Кенеш, вправе участвовать в других конкурсных отборах на вакантные должности судей Конституционного суда, Верховного суда не ранее чем через один год.

Представление кандидатов из соответствующего списка производится в порядке очередности в зависимости от полученного кандидатом количества баллов в порядке, установленном настоящим конституционным Законом. Кандидаты исключаются из списка кандидатов по мере их представления Советом по делам правосудия Президенту.

7. Список кандидатов расформировывается Советом по делам правосудия в случаях назначения или избрания всех ранее предложенных кандидатур, заполнения всех вакантных должностей судей либо полного использования сформированного списка кандидатов на указанные должности.

8. Все материалы конкурсного отбора приобщаются к личному делу кандидата. Личные дела кандидатов, участвовавших в конкурсе, не возвращаются и хранятся в Судебном департаменте.

Статья 24^2. Порядок замещения вакантной должности судьи суда первой инстанции

1. Вакантная должность судьи суда первой инстанции образуется в связи с:

1) истечением срока полномочий судьи суда первой инстанции;

2) достижением предельного возраста, установленного Конституцией;

3) досрочным прекращением полномочий судьи суда первой инстанции;

4) введением новых штатных единиц судей судов первой инстанции;

5) образованием специализированных судов.

2. Замещение вакантной должности производится после рассмотрения председателем Верховного суда возможности проведения ротации судей (перевод судьи из одного местного суда в другой) с последующим информированием Совета по делам правосудия об открывшейся вакансии.

3. Судья местного суда вправе не ранее 80 и не позднее 60 дней до окончания срока его полномочий обратиться с заявлением в Совет по делам правосудия о назначении его судьей местного суда. В этом случае Совет по делам правосудия в 2-недельный срок со дня поступления заявления рассматривает его по правилам, предусмотренным статьей 24^1 настоящего конституционного Закона. При этом если кандидатура не предлагается Советом по делам правосудия на назначение судьей суда первой инстанции, то на предстоящую вакантную должность судьи суда первой инстанции назначается кандидат, зачисленный в резерв кандидатов в порядке, установленном частью 4 настоящей статьи. Судья, чья кандидатура не была предложена Советом по делам правосудия, вправе претендовать на другие вакантные должности судей не ранее чем через один год со дня отклонения его кандидатуры Советом по делам правосудия.

4. По мере образования вакантной судейской должности Совет по делам правосудия предлагает данную должность кандидату, занимающему первое место в резерве кандидатов на должность судьи. В случае отказа кандидата вакантная должность предлагается следующему кандидату в порядке очередности согласно резерву кандидатов. Повторные предложения Совета по делам правосудия вносятся до полного использования сформированного резерва кандидатов на указанную должность. В случае полного использования сформированного резерва кандидатов Совет по делам правосудия проводит новый конкурс для зачисления в резерв кандидатов.»;

5) в статье 25:

а) в наименовании слова «местных судов» и «местные суды» заменить соответственно словами «судов первой инстанции» и «суды первой инстанции»;

б) части 1 и 2 изложить в следующей редакции:

«1. Судьи судов первой инстанции назначаются Президентом из числа лиц, зачисленных в резерв кандидатов по итогам конкурса и предложенных Советом по делам правосудия.

2. Представление на кандидатуру на назначение судьей суда первой инстанции вносится Президенту в соответствии с результатами конкурса для зачисления в резерв кандидатов.

Президент своим мотивированным решением вправе возвратить Совету по делам правосудия материалы по представленной кандидатуре в течение 10 рабочих дней со дня их получения.

В этом случае Совет по делам правосудия в течение 10 рабочих дней предлагает в порядке очередности новую кандидатуру из резерва кандидатов в зависимости от полученного количества баллов в порядке, предусмотренном частью 4 статьи 24^2 настоящего конституционного Закона.

Повторные предложения Совета по делам правосудия вносятся до полного использования сформированного резерва кандидатов. В случае полного использования резерва кандидатов Совет по делам правосудия проводит новый конкурс.»;

в) в части 3 слова «местных судов», «местного суда» и «местный суд» заменить соответственно словами «судов первой инстанции», «суда первой инстанции» и «суд первой инстанции».

Статья 3

Настоящий конституционный Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Президент
Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г. Бишкек, 15 ноября 2025 года, №261

Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента

ОАО «МФК «АБН»

объявляет о выплате доходов за пятый процентный период по именным процентным облигациям по первому траншу пятого выпуска (KG 0205211517). Выплата доходов, будет осуществляться с **2 декабря 2025 года.**

• Номинальная стоимость облигации – 5 000 сом

• Размер дохода на одну облигацию (5 выпуск) – 18%

Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода, определяется на дату **28 ноября 2025 г.**

Форма выплаты – денежные средства.

Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе **ОАО «МФК «АБН» по адресу: г. Бишкек, ул. Юсупа Абдрахманова, 136.**

Справочная информация по тел.: 51-11-51 или 2810; www.abn.kg

Пятый выпуск облигаций ОАО «МФК «АБН» зарегистрирован Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики **19 августа 2024 г. (KG 0205211517).**

Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента

ОАО «МФК «АБН»

объявляет о выплате доходов за десятый процентный период по именным процентным облигациям по третьему траншу четвертого выпуска (KG 0204211518). Выплата доходов **с 6 сентября 2025 года.**

• Номинальная стоимость облигации – 5 000 сом

• Размер дохода на одну облигацию (4 выпуск) – 19%

Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода, определяется на дату **3 сентября 2025 г.**

Форма выплаты – денежные средства.

Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе ОАО «МФК «АБН» по адресу: **г. Бишкек, ул. Юсупа Абдрахманова, 136.**

Справочная информация по тел.: 51-11-51 или 2810; www.abn.kg

Четвертый выпуск облигаций ОАО «МФК «АБН» зарегистрирован Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики **11 января 2023 г. (KG 0204211518).**

Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента

ОАО «МФК «АБН»

объявляет о выплате доходов за пятый процентный период по именным процентным облигациям по первому траншу пятого выпуска (KG 0205211517). Выплата доходов, будет осуществляться **со 2 декабря 2025 года.**

• Номинальная стоимость облигации – 5 000 сом

• Размер дохода на одну облигацию (5 выпуск) – 18%

Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода, определяется на дату **28 ноября 2025 г.**

Форма выплаты – денежные средства.

Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе ОАО «МФК «АБН» по адресу: **г. Бишкек, ул. Юсупа Абдрахманова, 136.**

Справочная информация по тел.: 51-11-51 или 2810; www.abn.kg

Пятый выпуск облигаций ОАО «МФК «АБН» зарегистрирован Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики **19 августа 2024 г. (KG 0205211517).**

Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента

ОАО «МФК «АБН»

объявляет о выплате доходов за третий процентный период по именным процентным облигациям по второму траншу пятого выпуска (KG 0205211517). Выплата доходов, будет осуществляться **с 4 сентября 2025 года.**

• Номинальная стоимость облигации – 5 000 сом

• Размер дохода на одну облигацию (5 выпуск) – 18%

Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода, определяется на дату **1 сентября 2025 г.**

Форма выплаты – денежные средства.

Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе ОАО «МФК «АБН» по адресу: **г. Бишкек, ул. Юсупа Абдрахманова, 136.**

Справочная информация по тел.: 51-11-51 или 2810; www.abn.kg

Пятый выпуск облигаций ОАО «МФК «АБН» зарегистрирован Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики **19 августа 2024 г.** (KG 0205211517).

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

ПРОФЕССОР КАЛДАРБЕК АБДРАМАНОВ – 70 ЖАШТА. КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН!

ЖҮРӨККӨ ЖОЛ ИЗДЕГЕН ӨМҮР

Профессордун бала кези

Анда Калдарбек 5-6 жаштар чамасындагы бала болсо керек. Бир күнү үй ичи ызы-чууга түшүп, тууган-уруктар чогулуп, ыйлап-сыктап жүрүшкөн болот. Калдарбек эмне экенин түшүнбөй көчөдө турса, өтүп бараткан бир аял: «ай, Калдарбек, сенин энең өлүп калды го» – десе, ал эмне дээрин билбей турган жеринде каткан бойдон, селейип туруп калат. Кечинде ый азайып, эл тынчып, энесинин баш жагында башын жерге салып кайгырып отурган атасынын жанына барат. Ошондо атасы алдына чакырып, Калдарбектин башынан сылап, чекесинен жыттап, "балам, энеңен айрылдык" деп, бирге ыйлагандары эсинде калат. Эртеси табытты көтөрүп мүрзөнү көздөй жөнөгөн кишилердин бирөө-жарымы жолдо турган Калдарбекти «жүр биз менен» деп, ээрчитип да албаптыр. Бала деп көңүлдөрүнө алышпаса керек. Бозоргон бойдон кала берген Калдарбек тамдын артына өтүп, бышактап ыйлап отуруп, ошол жерде уктап калат. Күүгүм киргенде гана Калдарбекти эстеген ата-энеси бала-чакасы менен кошо сыртка чыгып издей башташат. «Калдарбек, Калдарбек» – деп үн салышат. Көпкө чейин издешет. Акыры Калдарбекти тамдын артында отурган жеринен табышып, үйгө алып келишет. Ойгонгон Калдарбек «энеме кетем»-деп шолоктоп ыйлайт. Апасы үйрүлө түшүп «Калдарбек мен сенин апаңмын го, бул сенин атаң, мына булар сенин бир туугандарың» деп, ага-инилерин, эже-карындаштарын колу менен көрсөткөндө Калдарбек, кайра эле «жок, мен энеме барам» деп ыйлайт. «Энең кыйладан бери ооруп жүрбөдү беле, пендечилик экен өтүп кетти» – дейт атасы көз жашын жашыра албай. Ошентип Калдарбекти көптөп сооротушат. Бирок, Калдарбектин кабагы ачылбай көпкө чейин эч ким менен сүйлөшпөйт. Эртеси да, кийинки күндөрү да өз ата-энесинин үйүнөн жатыркап, көнө албай жүрөт. Алты жашына чейин бапестеп баккан чоң энесинин элеси көз алдынан кетпейт. Кусалыктан бекен Калдарбектин бети-башына жара чыгып, оозунан сезгенип ооруйт. Аны ата-энеси догдурга алып барып жатып эптеп айыктырышат. Анын зээндүүлүгүн эске алышып, алты жашынан 1-класска мектепке киргизишет.

Турмуш деген турмуш, ал өз агымынан жазбай өтө берет тура. Калдарбек акырындык менен апасын апасындай, атасын атасындай, бир туугандарын бир туугандай көрө баштайт. Өкүнүчтүүсү, ал 9 жашка келгенде кайрадан ооруп баштайт. Далынын үстү, моюндун оң тарабында шишик пайда болот. Анын кесепетинен колу-буту кыймылдабай да калат. Ата-энеси кайрадан догдурдан догдурга көрсөтө башташат. Акыры Жалал-Абад дарыгерлери ага "кургак учук" деген диагноз коюшуп, Шакафтар деген жердеги ооруканадан дарылануга жиберишет. Айла жок ошол ооруканадан дарылана баштайт. Арадан 3-4 айдай убакыт өтөт. Врачтар берген дарыларды ичип коёт. Бирок моюндагы шишиктин кайта турган түрү жок, буту алсыз боло берет. Ошондой күндөрдүн биринде палатага врачтардын тобу текшергенге кирип келишет. Алардын арасындагы сулууча келген врач аял Калдарбектин мойнундагы шишикти, кыймылга келбеген буту, колун карап, «бул баланын оорусу кургак учук эмес, мойнуна чыккан шишик кол менен буттун нервин басып калган, аны операция жасап алып салса эле колу-буту кыймылга келип, басып кетет» – дейт. Муну уккан жаш Калдарбек төбөсү көккө жете кубанып, аялдын сулуулугун биринчи жолу көргөнсүп, врач аялга суктануу менен карайт. Ошондогу дарыгер аялдын Күмүшай деген ысымы Калдарбек үчүн унутулгус ысым болуп, жүрөгүндө бекем сакталып калат. Арадан 2-3 ай өткөндөн кийин гана Алишер агай уулун Фрунзе алып келип, ооруканага жаткырат.

Операцияны медицина илимдеринин доктору, профессор, нейрохирург Абдулхай Абдрахманов жасайт. Наркоздон ойгоноор замат Калдарбек колу-буту кыймылга келип калганын сезет да керебетинин жанында отурган Алишер агайга, «ата, бутум кыймылдап жатат» – дейт. Уулунун колу-бутунун кыймылын көргөн Алишер агайдын көзүнөн чыккан жашы жаагынан ылдый көздөй агат. Ал көз жаш Калдарбектин эсинде өмүр бою сакталып калган көз жаш эле.

Колу-буту кыймылдап басып калгандан тартып, Калдарбектин бала чагынын жигердүү учуру башталат. Басканды сагынып калса керек, баскандан чарчабайт, баса берет, баса берет. Андан кийин чуркаганга өтөт. Бокс менен машыгат. Айрыкча футбол ойногонду сүйөт. Ошентип жүрүп, анын спортко болгон кызыгуусу артат. Мектепти аяктап, жетилүү аттестаты колго тийер замат Фрунзедеги Дене тарбия институтуна окууга өтүүгө документтерин тапшырат..

Сыноо экзамендеринин башталаарына бир күн калганда жатаканадагы бөлмөсүнө атасы Алишер агай кирип келет. Чынында Калдарбек атасынын келерин күткөн эмес эле. Ошондой болсо да атасынын келгенине сүйүнөт. Алишер агай болсо өзүнүн педагогдук адатына салып, ал-жайды жайбаракат сураша баштайт. Калдарбек бүрсүгүнү сыноо экзаменинин башталаарын айтат. Атасы бир саамга ойлонуп турат да, «Демек, балам сен спорт жагын тандап алып жатасың. Албетте мен сенин тандооңо каршы эмесмин. Бирок ойлоп көрсөм, сен бала чагыңда оорунун азабын көп тарттың, көп сыноолорду башыңдан кечирдиң. Билесиңби, Шакафтарда Күмүшай эжеңди жакшы көрүп калганыңды. Ошол эжең сенин ооруңа туура диагноз коюп, «мойнундагы шишикти операциялык жол менен алып салса эле бул бала басып кетет» деп айтканда төбөң көккө жете сүйүнбөдүң беле. Мен да сенин чуркап жүргөнүңдү элестетип, жашып кетпедим беле. Ошондо сен мага кайрылып, «Ата, келечекте мен Күмүшай эжемдей догдур болом» – деп айтканың эсиңдеби? Демек сен келечекте врач болушуң үчүн Медститутка окууга тапшырышың керек болчу» – дейт. Калдарбек бир саамга ойлонуп калат. Бала чагында башынан өткөргөн оор күндөрү эсине түшүп, көңүлү атасынын айткандарына бурулуп, «ата, Медститутка тапшырганга кеч болуп калбадыбы» дегенде, атасы документ тапшырганга дагы бир күн убакыт бар экенин айтат. Ошентип Калдарбек макул болот да эртеси документтерин Дене тарбия институтунан алып, Медститутка тапшырганга үлгүрөт.

Тагдырдын тамашасы дал ушул жерден башталат. Ал убакта тааныншсыз ЖОЖго өтүү кыйын болгон. Ошондуктан Алишер агай да уулунун Медститутка өтүүсүнө колдоо издеп, тууганы, классташы Тургунжан эженин Медститутта иштеген уулу менен сүйлөшөт. Тилекке каршы дал ушул мугалим Калдарбекке «үч» деген бааны коёт. Көрсө ал айылда жүргөндө Калдарбектин эжеси Инаятка ашык болуп, колун сураганда эжеси макул болбой койгон экен. Кийин билсе ошол үчтү мурунку ич күптүсү үчүн коюптур. Ошол үч Калдарбектин конкурстан өтпөй калышына себеп болот. Болбогон жерден уулу окууга өтпөй калганына өкүнгөн Алишер агай «балам, эчтеке эмес, быйыл болбосо келерки жылы өтөсүң» дейт. Калдарбек «кийинки жылы Тургун эжемдин баласы менен сүйлөшпөй эле койуңузчу, мен өз күчүм менен эле өтөм» дейт. Ошентип жүрүп жаз келгенде армияга чакырылып, кызмат өтөп жүргөн учурда ооруп, бөйрөктө пайда болгон ташты операциялык жол менен Хабаровск шаарында госпиталда алдырат. Адатта мындай учурда солдат аскердик кызмат өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда бошотулушу керек экен. Ошентип Калдарбек аскерден айылына кайтып келген учурда жогорку окуу жайларына кабыл алуу жакындап калган болот. Документтерин даярдап Медститутка окууга тапшыруу үчүн кайрадан Фрунзеге келет. Бул жолу кирүү экзмендеринин баарын өз күчү менен ийгиликтүү тапшырып, 1974-жылы Медституттун дарылоо факультетинин студенти болот.

Мына ушинтип Калдарбек Алишерович Абдрамановдун медицина дүйнөсүнө кирген учуру башталат. Адатта Медституттун студенттери теориялык алган билимин практика менен айкалыштыруу үчүн ооруканаларга барып, бейтаптардын диагноздору менен таанышып, дарылоо процесси кандай жүрүп жаткандыгын өз көздөрү менен көрүшүп, билим алышат эмеспи. Ооруканандын шартына бала чагынан көнүп калган Калдарбек Алишерович 1-курстан тартып эле «5» деген баалар менен окуп баштайт. Айрыкча хирургия сабагын берилүү менен окуйт. Операция жасоо техникаларын мыкты өздөштүрөт.

Жүрөк хирургу болом деген ой ага үчүнчү курста окуп жүргөндө келет. Бир күнү дарылоо оперативдик хирургия мугалими Сиятаева деген эжеке Калдарбек Алишеровичти өзүнө чакырат да» сен эң жакшы» деген баалар менен окуп жатасың. Эми жүрөк хирургиясы боюнча реферат жаз, билимиңди көрсөт, эгерде сен жазган рефератты кафедра мугалимдери жактырган болсо, биз сени кийинки экзамендерден бошотобуз. Теманы өзүң танда» – дейт. Мындай сунушту күтпөгөн Калдарбек Алишерович «кайсы темада жазсам экен» деп ойлонуп баратып, коридордо илинип турган Иса Коноевич Ахунбаевдин сүрөтүн көрүп, сүрөттүн асты жагындагы жасалма аппарат менен жүрөккө операция жасоо деген сөздөрдү окуйт. Ал убакта жүрөктү токтотуп коюп, жасалма аппарат аркылуу операция жасоо фантастикадай сезилчү. Мына ушул жерден Калдарбек Алишеровичке жасалма аппарат менен жүрөккө операция жасоо темасында реферат жазуу идеясы келет да борбордук Чернышевский китепканасына барып, жасалма аппаратты колдонуу менен жүрөккө операция жасоо боюнча дүйнөлүк тажрыйбалар жөнүндөгү адабияттар менен таанышып, рефератты жазып бүтүрөт. Бул реферат кафедранын мугалимдерине абдан жагып,

Профессор кесиптеш уул-кыздары менен

беш деген баа коюшат. Ошондон тартып Калдарбек Алишеровичтин жүрөк хирургиясына болгон кызыгуусу арткандан артып отурат. СССР державасында биринчилерден болуп жасалма аппарат менен жүрөккө операция жасаган Иса Коноевич Ахунбаевди кумир тута баштайт.

Ал Мединститутту 1981-жылы ийгиликтүү аяктайт. Андан соң кайда барып иштөө керек маселеси чыгат. Ал убакта бүтүрүүчүлөрдүн кайда барып иштешин мамлекет өзү чеччү. Бирок Калдарбек Алишерович институтту артыкчылык менен бүтүрсө да райондордун бирөөнө барып иштегиси келбейт. Себеби, медициналык, айрыкча жүрөк хирургиясы боюнча билимин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүктөр, шарттар борбордо гана бар экенин түшүнгөн. Ошондуктан ал борбордо калуунун айласын издей баштайт. «Шаарда калсам жакшы болот эле» - деп атасына да айтат. Атасы: «Тургундун баласына бар» – дейт. Калдарбек Алишерович ага баргысы келбейт. Бирок барышка туура келет. Анын мурунку таарынычы тарап калса керек, борбордо кантип калуунун жолун ошол таап берет. Ал: «Сен ректоратка барып, мен теориялык билим берүү кафедрасына калам десең, сени шаарда алып калышат, себеби бүтүрүүчүлөрдүн бирөөсү да бул кафедрада калгысы келбейт. Сен бул жакка кирип алсаң, кийин ыңгайы келгенде ооруканалардын бирине ишке кирип аласың» - дейт. Чын эле Калдарбек Алишерович ректоратка барып, «мен институттун гистология кафедрасында иштеп калайын дедим эле»- деп сурангында ректораттагылар дароо макул болушат. Себеби, бул кафедрада иштеп калганга врач болуп иштейм деген бүтүрүүчүлөрдүн эч кимиси макул болчу эмес экен. Ошентип Калдарбек Алишерович бул гистология кафедрада иштеп баштайт. Ал жерде Мамбеткалый Акылбеков деген отузунчу жылдары атасы менен кулак катары Украинада эмиграцияда жүрүп келген, турмуштун ачуу-таттуусун тарткан доцент агай менен ата-баладай жакшы мамиледе болот. Элпек мамиле жасайт. Айткандарын аткарат, өзүнүн Ахунбаевдей жүрөк хирургу болсом деген келечек пландары тууралуу да айтат. Ошентип аны менен бир жылдай чогуу иштешет.

Калдарбек Алишерович институтта окуп жүргөндө бокстан бирге машыккан, кесиби боюнча стоматолог Мирлан деген досу «Саламаттыкты сактоо министрлигинин кадрлар башкармалыгынын начальниги менин бир тууган таекем болот, мен ага айтам, сени ооруканага орноштурганга жардам берет» – дейт. Муну да Акылбеков агайына айтып берген. Бир күнү экөө сүйлөшүп отурганда ал «сен кардиохирург болом десең, ооруканаларда иштешиң керек, бул жерде жүрсөң жүрө бересиң, сен ректор Данияровго киргин, мени институттан бошотуп коюуңуз, мен ооруканада иштешим керек болуп жатат, менин кардиохирург болоюн деген максатым бар, деп айткын» – дейт. Агайынын айтканы боюнча учурун таап, Калдарбек Алишерович ректорго кирет. Ректордун берген суроолоруна Акылбеков үйрөткөндөй жооп берет. «Сен бул жерден кетип ишсиз калып жүрбөгүн» – дейт ректор. «Мага министрликтин кадрлар бөлүмүнүн начальниги жардам бере турган болду» – дейт Калдарбек Алишерович. Андай болсо макул деп арызына кол коюп берет. Ушунусу менен С.Данияров Калдарбек Алишеровичке унутулгус колдоо көрсөтөт.

Андан соң Калдарбек Алишерович Саламаттыкты сактоо министрлигинин кадрлар башкармалыгынын начальниги Токобаевге барат. Ал Калдарбек Алишеровичтин дипломундагы беш деген бааларды бир азга карап туруп, телефонду алып бирөө менен сүйлөшө баштайт, «Какиш Рыскуловна менде институтту беш деген баалар менен бүтүргөн Абдраманов деген жигит отурат. Хирург болом деген максаты бар экен. Ушул баланы өзүңүзгө алаласызбы?» – дейт. Ал жактын айтканын угуп бүткөн соң, Калдарбек Алишеровичке «Сен шаардык №1 ооруканага барып, медицина илимдеринин доктору, профессор эже Какин Рыскуловнага жолук. Сени ординатурага ала турган болду» – дейт. Калдарбек Алишерович Токобаевге ыраазычылыгын билдирип, кубанган бойдон профессор К.Рыскуловага барып жолугат. Ал да адегенде Калдарбек Алишеровичтин дипломун көргөндөн кийин ооруканалын хирургия бөлүмүнө ишке ординатурага кабыл алат. Ошентип ал республикага аты чыккан дасыккан хирургдар менен бир жылдай иштешип калат. Ординатураны аяктагандан кийин эреже катары башка жактан иш табыш керек болот. Ординатуранын мөөнөтү аяктап баратканда профессор Какиш Рыскуловна «менде аспирант болуп каласың» - деп эскерткен экен. Бирок турмуш агымынын өз планы болот тура. Бир жолу ал ооруканын жанындагы Фучик паркы менен баратса, алдынан бокста чогуу машыгып жүргөн Сергей Чыналиев аттуу досу жолугуп калат. Ал: «Калдарбек мен иштеген республикалык клиникалык ооруканалын кардиохирургиясында бош орун бар, ошого келбейсиңби, мурдагы жетекчибиз казак эмес беле, ал кетти. Анын ордуна дагы бир казак келди, ал дагы илимдин доктору, ошого барып жолук, сени алышы мүмкүн» – дейт. Досунун ак дилинен айткан мындай сунушу Калдарбек Алишеровичке баягы 3-курста окуп жүргөндө жүрөк темасында реферат жазганын, ошондо «мен кардиохирург болом» – деп, алдына максат койгонун эстеп, бүткөн бою дүрүлдөй түшөт. Ал досунан «кардиохирургиянын жаңы башчысынын фамилиясы ким экен?» – деп сурайт. Фамилиясы Маралов, өзү казак болгону менен кочкорлук экенин айтат.

Ошондон тартып Калдарбек Алишерович басса-турса кардиохирургияга кантип ишке кирүүнү ойлой баштайт. Адам ою күлүк эмеспи. Калдарбек Алишерович «кардиохирургиянын башчысы кочкорлук болсо, "Кыргызстан" мейманканасынын директору болуп иштеген аялымдын бир тууган таекеси да кочкорлук, ал кардиохирургиянын башчысын тааныштыры да мүмкүн» - деп ойлойт да ага телефон чалып, иш бар экенин айтат. Экөө «Кыргызстан» мейманканасынан жолугушуп,

Профессор жүрөккө операция жасоо учурунда

«кардиохирургиянын башчысы Мараловду тааныйсызбы» – деп сураганда, ал – Аскердиби дейт.

Атын билбейм, фамилиясы Маралов – дейт. – Ал менин досум, эмне болду – деп сурайт. Кардиохирургия бөлүмүндө бош орун бар экен, ошого ишке орношоюн дедим эле деп жооп берет. Мына сага тагдыр! Таекеси телефонду алып ага дароо чала баштайт. Бирок ал телефонду албайт. «Жүр эмесе» - деп, экөө ээрчишип сыртка чыгышып, машинага отурушуп, кардиохирургияга барышат. Бөлүм башчы профессор Аскер Маралов ордунда экен, күтүүсүз келген досун кучагын жая тосуп алат. Ал жайды сурашып, өткөн-кеткенден кеп кылышат да досунун бул жакка эмне иш менен келгенин сурайт. Коридордо күтүп турган Калдарбек Алишеровичти чакырат да «бул менин күйөө балам болот» - деп тааныштырат. Анын Мединститутту эң жакшы баалар менен аяктаганын, №1 ооруканасынын хирургия бөлүмүнөн ординатураны бүтүргөнүн, кардиохирург болсом деген максатынын бар экенин төкпөй-чачпай айтып берет. Муну угуп отурган Аскер Маралов «макул, мен да жаңы жетекчи болдум, менде бир бош орун бар, ошол орунга биринчи жолу бул жигитти мен жетекчи катары ишке алайын» – дейт. Экөө кол алышып коштошушат.

Ошентип ойлобогон жерден Калдарбек Алишерович өзү эзелтен эңсеген түшүндө көргөн кардиохирургияга ишке орношуп, белгилүү кардиохирург Аскер Мараловдун жетекчилиги астында иштеп баштайт. Чынында айылдык карапайым мугалимдин уулу минтип республикалык клиникалык ооруканада кардиохирург болуп иштеп калышы чоң жетишкендик эле. Адатта айрым адамдар чоң ийгиликке жетсе, ага кимдир бирөөлөрдүн жардамы тийгенин айткылары келишпейт. Себеби, алар ийгиликке өз күчүм менен жеттим дегенди жакшы көрүшөт. Бирок Калдарбек Алишерович кардиохирургиялык бөлүмдө иштеп калышына көмөгү тийген кишилердин баарынын ысымдарын, алар кантип жардам бергендигин тартынбай айтат экен. Бул деген эл арасында керек учурда жардамын аябаган ак ниет, жеке кызыкчылыкты эмес, адам тагдырын, келечекти ойлогон кишилердин бар экендигин көрсөтүп жатпайбы. Анын үстүнө бул инсандын мындан аркы тагдыры кудум жогоруда жазылган сымал уланып отурат.

Ал кардиохирургия бөлүмүнө ишке киргенден кийин адистик квалификациясын жогорулатуу үчүн адегенде Литва өлкөсүнүн Каунас шаарынан өтө пайдалуу стажировкадан өтүп, жүрөктүн ырганынын бузулушу (аритмология) оорусун дарылоо боюнча адистикке ээ болуп кайтат. Мындай адистик республикада дээрлик жок адистик болчу. Ал убакта республикалык ооруканын кардиохирургия бөлүмү кардиология институтунун карамагына өтүп калган эле. Бир жолу Калдарбек Алишеровичти кардиология институтунун директору, академик, Социалисттик эмгектин баатыры Саид Миррахимов катчысы аркылуу чакырып калат. Барса жанында республикага белгилүү мамлекеттик бир кызматкер отурган экен. Ага Калдарбек Алишеровичти көрсөтүп, аритмология боюнча биздин мамлекетте жалгыз адис экенин айтып, «ушул жигит сизди дарылайт» – дейт. Калдарбек Алишерович аны дарылагандан кийин аритмология менен кайрылган киши болсо эле Саид Миррахимов Калдарбек Алишеровичти чакыра турган болот. Ошентип отуруп алардын ортосунда иш боюнча тыгыз байланыш түзүлүп калат. Бир күнү Саид Миррахимов Калдарбек Алишеровичке кайрылып, «ушуну менен токтоп калбаш керек, аритмология кардиология тармагындагы өтө чоң багыттардын бири. Сиз бул багыт боюнча илимий изилдөө жүргүзүп, кандидаттык, докторлук диссертация жакташыңыз керек. Москвадан аспирантурага орун келип калса барасызбы?» – деп сурайт. Ал кезде эки баланын атасы болсо да, квартирада жашаса да Калдарбек Алишерович барам – дейт. Тилекке каршы Москвадан орун келсе, ал орун чоңдордун балдарынан же тааныштарынан ашчу эмес. Акыркы жолу Москвадан кардиохирургия бөлүмүнө келген бир орундун тагдыры да дал ошондой болуп чечилип калат. Бирок, Москвадагы Бакулев атындагы жүрөк хирургиясы борборунун ординатурасына бир орун келген болот. Ал убакта Москвага ординатурага барганга эч кимдин көңүлү келчү эмес. Дүйнөгө таанылган ал борбордон тажрыйба алуунун зор мүмкүнчүлүгү бар экенин түшүнгөн Калдарбек Алишерович гана ординатура болсо да барайын деп чечет да 1987-жылы Москвадагы Бакулев атындагы кардиохирургия борборунун босогосун аттайт. Ординатурада жүрүп, дүйнөгө таанылган академик Лео Антонович Бокериянын ошол кезде эле тажрыйбалуу адис катары анын эң ишенген аспиранты, докторанты болгонго жетишет жана кандидаттык, докторлук диссертацияларын мөөнөтүнөн мурда жактаганга үлгүрөт. Даңазалуу жүрөк хирургу Лео Бокериянын ишенимине ээ болуп, акыркы 5 жыл бою анын биринчи ассистенти катары операция жасап жүрүп, жүрөк хирургиясы боюнча бай тажрыйбаны жыйнайт. Ошондой эле Москвада жүргөн убактысын текке кетирбей кыргызстандык кыргыздардан биринчи болуп жүрөк хирургиясы адистиги боюнча биринчи профессору болот. Ошентип анын 9 жылдык өмүрү, эмгек жолу Москвадагы Бакулев атындагы жүрөк хирургиясы борборуна арналат. Аңгыча мекенге кайтуунун мезгили да келип калат. Устаты, мекеме директору, академик Лео Бокерия ага Москвада калып, чогуу иштөөнү сунуштайт. Бирок Калдарбек Алишерович Кыргызстанга келип, өз эли үчүн кызмат кылууну ойлойт. Анын үстүнө насаатчысы, академик С.Миррахимов агайына берген убадасы, аткара турган келечек пландары да аны Мекенди көздөй тартат.

Ал 1996-жылы Бишкекке келип, кардиология институтунда илимдин доктору болгонуна карабастан, башкы илимий кызматкер болуп иштей баштайт. Ошол учурда анын улуттук жүрөк хирургиясы боюнча көз караш масштабы алда канча терең жана кеңейген эле. Ал Кыргызстандын жүрөк хирургиясынын абалын жакшыртуу үчүн республикада өз алдынча Жүрөк хирургиясы институтун ачуу керек деген маселени коомчулук алдында айта баштайт. Ушул пикирин ошол кезде Алматыдан кайра келип кардиохирургия бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп жаткан профессор Сейиткан Жошубаевге бир нече жолу айтат. Ырас, Сейиткан Жошубаев да өз алдынча мекеме-институт ачканга ою болгон экен. Бирок «жогорку бирөөлөргө жакпай калбайын»- деген андагы кылчактоо бул иштин алга жылышына кедергисин тийгизип келген тура. Ал эми Калдарбек Алишерович жаштык-курчтугуна салып, институтту ачуу керек деген маселени жалпыга маалымдоо каражаттарында да кабыргасынан коё баштайт. Чынында ал убакта Кыргызстанда жүрөк хирургиясы институтун ачууга кадрдык потенциал жетиштүү болчу.

(Уландысы 16-бетте)

Калдарбек Алишерович келечек дарыгерлери – небereлери менен

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ЛИЦЕНЗИЯЛЫК-УРУКСАТ БЕРҮҮ ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

“Лицензиялык-уруксат берүү тутуму чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесин ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы №678 “Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 1-пункттун 4-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жободо:

– 7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“7. Лицензия, лицензиянын тиркемеси жана (же) уруксат кагаз түрүндө же лицензиардын автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу түзүлгөн электрондук түрдө берилет.”;

– 13-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“13. Лицензиар тарабынан лицензиялоо функцияларын ишке ашыруунун жыйынтыгы лицензиардын актысы менен кагаз түрүндө жана (же) электрондук түрдө таризделет. Кабыл алынган чечим жөнүндө акт лицензиардын автоматташтырылган маалыматтык системасындагы арыз ээсинин жеке кабинетинде чечим кабыл алынган күнү жайгаштырылат жана лицензиялык иште кагаз жана (же) электрондук түрдө сакталууга тийиш.”;

– 15-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Лицензиар лицензияны жана (же) уруксатты көрсөтүлгөн мөөнөттөн мурда берүүгө укуктуу.”;

– 9-главанын аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“9-глава. Лицензия, лицензиянын тиркемесин берүү жана (же) уруксат берүү үчүн документтерди кабыл алуу жана лицензиялык ишти түзүү”;

– 40-пункт “лицензия” деген сөздөн кийин “, лицензиянын тиркемелерин” деген сөздөр менен толукталсын;

– 47-пунктта:

4-пунктча “лицензия” деген сөздөн кийин “, лицензиянын тиркемелерин” деген сөздөр менен толукталсын;

6-пунктча “лицензиянын” деген сөздөн кийин “, лицензиянын тиркемесинин” деген сөздөр менен толукталсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы 49^1-пункт менен толукталсын:

“49^1. Лицензия жана (же) уруксат берүү (берүүдөн баш тартуу) жөнүндө арыздарды кароо жана чечимдерди кабыл алуу лицензиар тарабынан кандайдыр бир коллегиалдуу органдарды, комиссияларды же жумушчу топторду түзбестен жүзөгө ашырылат, буга ушул Жобонун 31, 38, 63–68, 75, 78–82, 85-главалары кирбейт.”;

– 56-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“56. Лицензияда жана (же) уруксатта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) лицензиялоочу органдын аталышы;

2) юридикалык жактын толук жана кыскартылган аталышы (болсо) жана уюштуруучулук-укуктук формасы, ошондой эле юридикалык дареги;

3) жеке адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты, анын инсандыгын күбөлөндүрүүчү документтин маалыматтары, жеке ишкерлер үчүн – жеке ишкерди мамлекеттик каттоо жөнүндө жазуунун каттоо номери;

4) лицензия үчүн – иштин лицензиялануучу түрү, уруксат үчүн – иштин уруксат берилген түрү;

5) лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу мөөнөтү (эгерде белгиленсе);

6) ишти жүзөгө ашыруу аймагы (эгерде аймактык чектелсе);

7) лицензия жана (же) уруксат берилген дата жана каттоо номери;

8) салык төлөөчүнүн идентификациялык номери.

Зарыл болгон учурда лицензияда жана (же) уруксатта лицензиялык ишти түзүүчү аткарылуучу иштердин, көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмеси көрсөтүлөт (лицензиялык ишти түзүүчү жумуштар жана (же) кызмат көрсөтүүлөр бар болсо).”;

– төмөнкүдөй мазмундагы 15^1-глава менен толукталсын:

“15^1-глава. Лицензияга тиркеме берүү

90^1. Лицензияга тиркеме лицензиатка төмөнкүлөр үчүн берилет:

1) иштин лицензиялануучу түрүнүн алкагында аткарылуучу иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн, иш-аракеттердин жана операциялардын кошумча түрлөрүн көрсөтүү, буга ушул Жобонун 31, 36, 40, 43, 44, 51–59-главалары кирбейт;

2) ишти жүзөгө ашыруунун жаңы объектинин дарегин чагылдыруу үчүн (лицензиянын бардык түрлөрү үчүн).

90^2. Ишти жүзөгө ашыруунун жаңы (кошумча) объектин ачууда лицензияга тиркеме алуу үчүн лицензиат лицензиарга төмөнкүлөрдү берет:

1) лицензияга тиркемени тариздөө жөнүндө жазуу жүзүндө кабарлоо, анда төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

– юридикалык жак үчүн юридикалык жактын толук жана кыскартылган аталышы жана уюштуруучулук-укуктук формасы;

– жеке жак үчүн – фамилиясы, аты жана атасынын аты;

– жаңы иш жүргүзүүчү объекттин иш жүзүндөгү дареги;

2) колдонуудагы лицензиянын көчүрмөсү;

3) жаңы объектти ачуу менен байланышкан лицензиялоочу органга мурда берилбеген, ушул Жобонун Өзгөчө бөлүгүндө каралган документтер.

90^3. Иштин лицензиялануучу түрлөрүнө кирген иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн, иш-аракеттердин жана операциялардын кошумча түрлөрүн тариздөөдө лицензияга тиркеме алуу үчүн лицензият лицензиарга төмөнкүлөрдү берет:

1) лицензияга тиркемени тариздөө жөнүндө жазуу жүзүндөгү кабарлоо, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

– лицензиат иштин лицензиялануучу түрүнүн алкагында ишке ашырууга ниеттенген иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн, иш-аракеттердин жана операциялардын кошумча түрлөрүнүн тизмегин;

– юридикалык жак үчүн юридикалык жактын толук жана кыскартылган аталышы жана уюштуруучулук-укуктук формасын;

– жеке жак үчүн – фамилиясын, атын жана атасынын атын;

– иш жүргүзүү дарегин;

2) колдонуудагы лицензиянын көчүрмөсүн;

3) лицензиялоочу органга мурда берилбеген, иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн, иш-аракеттердин жана операциялардын кошумча түрлөрүн аткаруу боюнча ушул Жобонун Өзгөчө бөлүгүндө каралган документтер.

90^4. Кабарлама иштин кошумча түрлөрү башталганга же жаңы объект ачылганга чейин 30 календардык күндөн кечиктирилбестен берилүүгө тийиш.

90^5. Лицензияга тиркеме берүүдөн баш тартуу үчүн негиз болуп төмөнкүлөр саналат:

1) берилген документтерден анык эмес, бурмаланган же толук эмес маалыматтардын аныкталышы;

2) арыз ээсинин документтеринин “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана ушул Жободо белгиленген талаптарга ылайык келбөөсү;

3) лицензиялык талаптардын аныкталган бузууларын четтетпөө.

90^6. Лицензиардын лицензияга тиркеме берүү (берүүдөн баш тартуу) жөнүндө чечими лицензиат тарабынан берилген документтерди талдоонун, лицензияга чейинки текшерүүнүн жыйынтыктарынын (болсо) негизинде чыгарылат.

90^7. Лицензиардын лицензияга тиркеме берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө актысы лицензияга чейинки текшерүү жүргүзүлгөн күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде эки нускада таризделет (болсо).

90^8. Лицензияга тиркеме берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин 1 жумуш күндүн ичинде кабыл алынган чечим жөнүндө акт тапшырылат (же арыз ээсине тапшыруу жөнүндө кабарлоо менен почта байланышы аркылуу жөнөтүлөт).

90^9. Ушул Жобонун 90^5-пунктунда аныкталган баш тартуу үчүн негиздер четтетилген учурда кабарлама ушул Жобонун 90^{11}-пунктунда белгиленген мөөнөттө кайрадан каралууга тийиш.

90^{10}. Арыз ээсинин мурда каралган документтери боюнча арызды кабыл алуудан баш тартууга жол берилбейт.

90^{11}. Эгерде лицензиар кабарлама алган учурдан тартып 15 календардык күндүн ичинде лицензиянын тиркемесин берүүдөн баш тарткандыгы жөнүндө лицензиатка жазуу жүзүндө кабарлабаса, лицензиянын тиркемеси берилди деп эсептелет.”;

– 17-глава төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“17-глава. Лицензияларды жана (же) уруксаттарды мамлекеттик каттоо

101. Лицензияларды жана (же) уруксаттарды мамлекеттик каттоо лицензиарлардын расмий сайттарында реестрди жайгаштыруу аркылуу жүзөгө ашырылат жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырлар жана коммерциялык жашыруун сыр жөнүндө мыйзамдары менен жетүү чектелген маалыматтарды кошпогондо, ачык болуп саналат.

102. Реестрге Кыргыз Республикасында берилген лицензиялар жана (же) уруксаттар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында таанылган чет мамлекеттердин лицензиарлары тарабынан берилген лицензиялар жөнүндө маалыматтар киргизилет.

103. Реестр лицензиялардын жана (же) уруксаттардын укуктук статусун ырастоочу расмий булак болуп саналат. Мамлекеттик органдар өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн реестрден лицензиялар жана уруксаттар жөнүндө маалыматты жеке жана (же) юридикалык жактардан аталган маалыматты ырастоону кошумча талап кылбастан алууга милдеттүү.

104. Реестрде төмөнкүдөй маалыматтар көрсөтүлөт:

1) юридикалык жактын толук жана кыскартылган (болсо) аталышы, анын ичинде фирмалык аталышы жана уюштуруучулук- укуктук формасы, юридикалык дареги;

2) жеке жактын фамилиясы, аты, атасынын аты, анын жашаган жери, анын инсандыгын күбөлөндүрүүчү документтин маалыматтары, жеке ишкерлер үчүн – жеке ишкерди мамлекеттик каттоо жөнүндө жазуунун каттоо номери же патенттин номери;

3) лицензиялануучу иштин түрү жана иш-аракеттердин түрү;

4) ишти жүзөгө ашыруу аймагы;

5) лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу мөөнөтү;

6) салык төлөөчүнүн идентификациялык номери;

7) лицензия жана (же) уруксат берилген дата жана каттоо номери;

8) лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну токтото туруунун жана кайра жаңылоонун негизи жана мөөнөтү;

9) лицензияны жана (же) уруксатты токтотуунун негизи жана датасы.”;

– 151-пункттун 2-пунктчасындагы “нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн” деген сөздөр “юридикалык жактын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 156-пунктта:

2, 3, 4, 13, 14, 15-пунктчалар күчүн жоготту деп таанылсын;

12-пунктча “дүңүнөн” деген сөздөн кийин “, чекене” деген сөздөр менен толукталсын;

– 166-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“166. Фармацевтикалык иш төмөнкүдөй иштерди аткаруудан жана/же кызматтарды көрсөтүүдөн турат:

1) дары каражаттарын өндүрүү;

2) медициналык буюмдарды өндүрүү;

3) дары каражаттарын жана/же медициналык буюмдарды дүңүнөн (дистрибуция) сатуу;

4) дары каражаттарын жана/же медициналык буюмдарды ташып келүү (импорттоо);

5) дары каражаттарын жана/же медициналык буюмдарды чекене сатуу;

6) дары каражаттарын жана/же медициналык буюмдарды даярдоо;

7) саламаттык сактоо уюмдарында дары каражаттарын жана/же медициналык буюмдарды сактоо жана берүү;

8) сактоо жана ташуу.”;

– 187-пунктта:

2, 8-пунктчалар күчүн жоготту деп таанылсын;

3-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“3) дүңүнөн сатуу үчүн арыз ээсинин ветеринария жаатындагы жогорку билими, ал эми чекене сатуу үчүн ветеринария жаатындагы жогорку жана (же) атайын орто билими бар экендигин ырастаган документтин көчүрмөсү;”;

4 -пункчадагы “нотариалдык жактан” деген сөздөр алып салынсын;

төмөнкүдөй мазмундагы 9-пунктча менен толукталсын:

“9) ветеринардык кызматтын аймактык башкармалыктары тарабынан берилген ветеринардык-санитардык корутунду.”;

– 188-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“188. Ветеринардык дары каражаттарын өндүрүүнү (даярдоону) жана сатууну ишке ашырууда лицензиялык талаптар болуп төмөнкүлөр саналат:

1) арыз ээсинин жогорку ветеринардык билиминин, ал эми анын кызматкерлеринин жогорку ветеринардык же орто кесиптик ветеринардык билиминин, ошондой эле адистиги боюнча 3 жылдан кем эмес иш тажрыйбасынын болушу;

2) адистердин квалификациясын 5 жылда 1 жолудан кем эмес жогорулатуу;

3) ветеринардык дары каражаттарын башка химиялык, биологиялык каражаттар (заттар) жана ветеринариялык эмес багыттагы препараттар менен сактоону жана сатууну болтурбоо;

4) ветеринардык дарыканаларда ветеринардык дары каражаттарын чекене жана дүң сатуу жүзөгө ашырылат;

5) ветеринардык дары каражаттарын чекене сатуу ветеринардык дары-дармек препараттарын сактоо жана берүү зоналары бөлүнгөн, башка багыттагы жайлардан обочолонгон ветеринардык дарыканаларда (жайларда) жүргүзүлөт.

Чекене сатуу жүргүзүлүүчү ветеринардык дарыкананын аянты кеминде 10 кв. метрден кем болбоого жана сактоо зонасы жана керектөөчүлөрдү тейлөө зонасы каралууга тийиш.

Ветеринардык дарыкана өзүнчө имаратта жайгашкан учурда административдик-тиричилик зонасы (кызматтык, гардероб, тамактануу үчүн, санитардык түйүн) болушу зарыл. Административдик-тиричилик зонасын кошпогондо, кампанын (кампалык жайдын) аянты 10 кв. метрден кем эмес болушу керек жана өз ара ырааттуу байланышкан кабыл алуу, сактоо жана жүктөп жөнөтүү зоналары, ошондой эле административдик-тиричилик зонасы (кызматтык, гардероб, тамактануу үчүн, санитардык түйүн) каралууга тийиш.

6) ветеринардык дары-дармек препараттарын дүңүнөн сатуу үчүн (кампа жайларында) төмөнкү талаптар коюлат:

– кампалар (кампа жайлары) ветеринардык дарыкана менен бир даректеги капиталдык курулуштардын обочолонгон турак эмес жайларында же ветеринардык дарыканадан өзүнчө жайгашышы керек;

– административдик-тиричилик зонасын кошпогондо, кампанын (кампа жайынын) аянты 20 кв. метрден кем болбоого тийиш жана өз ара ырааттуу байланышкан кабыл алуу, сактоо жана жүктөп жөнөтүү зоналары, ошондой эле административдик-тиричилик зонасы (кызматтык, гардероб, тамактануу үчүн, санитардык түйүн) каралууга тийиш;

– кабыл алуу зонасында транспорт тарасын булгануудан тазалоо үчүн зона бөлүнүшү керек;

– ветеринардык дары каражаттарын сактоо зонасынын жасалгасы (дубалдардын, шыптардын, полдордун ички беттери) жылмакай, ачык түстө болушу керек жана нымдуу тазалоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берилиши керек.

Сактоо зонасынын дубалдары жана полдору механизациялоо каражаттарынын таасирине жана жуучу дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен нымдуу тазалоого туруктуу каптамаларга ээ болушу керек. Жайлардын жана жабдуулардын жыгачтан сырдалбаган беттерин пайдаланууга жол берилбейт;

– муздаткыч камерасынын болушу (муздаткыч камеранын көлөмү 1,4 куб метрден кем болбошу керек);

– стеллаждар жана шкафтар катуу жерде алардын тең салмактуулугу камсыздалгандай, алар сыркты дубалдардан 0,6–0,7 м, шыптан кеминде 0,5 м жана полдон кеминде 0,25 м аралыкта орнотулушу керек. Стеллаждар өтмөктөр жарык болгондой жайгаштырылышы керек, ал эми алардын ортосундагы аралык кеминде 0,75 метрден кем болбошу керек.

Штабелдин жол берилген бийиктиги – туруктуу тең салмактуулукту сактоо шартында орнотулган керектөө идиши бар эки-үч ярустуу поддондор.

7) ветеринардык дарыкана жайгашкан имараттын фасадында анын аталышы, таандыктыгы жана иштөө режими көрсөтүлгөн мамлекеттик жана расмий тилдердеги көрнөк илинет;

8) ветеринардык дарыкананын борбордук же автономдуу жылытуусу, суу менен камсыздоосу, канализациясы, кирүүчү-чыгуучу желдетүүсү, ошондой эле өрт жана күзөт сигнализация системасы болушу керек;

(Уландысы 11-бетте)

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ЛИЦЕНЗИЯЛЫК-УРУКСАТ БЕРҮҮ ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

(Башталышы 10-бетте)

9) ветеринардык дарыканада ветеринардык препараттарды сактоо үчүн стеллаждар, шкафтар, муздаткычтар, ветеринардык препараттардын массасын, көлөмүн өлчөөчү каражаттар, айлана-чөйрөнүн температурасын жана нымдуулугун каттоочу приборлор (термометрлер, психрометрдик гигрометрлер) жана санитардык-гигиеналык режимди, эмгекти коргоону, коопсуздук техникасын, өрт коопсуздугун, айлана-чөйрөнү коргоону жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышын камсыз кылуучу башка жабдуулар жана инвентарлар, жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарды, жайларды жыйноо жана жабдууларды тазалоо үчүн колдонулган маркаланган инвентарларды жана материалдарды сактоо үчүн шкаф болушу керек.

Ветеринардык дары каражаттарын кабыл алуу же сактоо зоналарында сатууга тыюу салынган ветеринардык препараттарды убактылуу сактоо үчүн атайын жай же шкаф болушу керек;

10) сактоочу зонада ветеринардык дары каражаттарынын нускамасында аныкталган абанын температурасын жана нымдуулугун сактоо керек. Сактоо режимдерин текшерүү суткасына бир жолудан кем эмес жүргүзүлүшү керек.

Айлана-чөйрөнүн температурасын жана нымдуулугун каттоо үчүн приборлор жайдын ички дубалдарына жылытуучу приборлордон алыс, полдон 1,5–1,7 м бийиктикте жана эшиктерден 3 м кем эмес аралыкта бекитилет. Биологиялык ветеринардык препараттарды сактоо үчүн муздаткычтарда термометр, ал эми кампаларда (кампа жайларында) психрометр болушу керек.

Ветеринардык препараттарды сактоонун температуралык-нымдуулук режимин өлчөө каражаттарынын көрсөткүчтөрү датасын, катталуучу көрсөткүчтүн иш жүзүндөгү маанисин (нымдуулук үчүн: кургак жана нымдалган термометрлердин көрсөткүчтөрү, салыштырмалуу нымдуулуктун мааниси), жооптуу адамдын колун көрсөтүү менен атайын журналдарда катталышы керек.

Журналга номер коюлуп, боо өткөрүлүп байлануу жана уюмдун мөөрү менен бекитилүүгө тийиш;

11) жайлар тазалыкта кармалышы керек, жайлардын полу мезгил-мезгили менен (бирок күнүнө бир жолудан кем эмес) уруксат берилген дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен нымдуу ыкма менен тазаланат.";

– 193-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 8, 9-пунктчалар менен толукталсын:

"8) лицензия алуу үчүн берилген маалыматтар өзгөргөндө (жетекчинин алмашуусу, дарегинин (юридикалык же турган жеринин), каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүгүнүн, инсандыгын ырастоочу документтин жана башкалардын өзгөрүүсү) лицензиарга 10 (он) жумуш күндүн ичинде кабарлоого;

9) лицензиардын кызматкерлерине байланыш тармагындагы ишке, оператордун байланыш объекттерине, анын ичинде радиотехникалык объекттерге тиешелүү бардык документтерге жана маалыматтарга тоскоолдуксуз жетүүсүн камсыз кылууга.";

– 196-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"196. Жергиликтүү байланышты уюштуруудагы лицензиялык талаптар болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Кыргыз Республикасынын стандарттарынын, мыйзамдарынын талаптарына жана ЭЭБ сунуштамаларына ылайык тармактар аралык биригүүлөрдү уюштурууну, көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын, ошондой эле трафикти өткөрүү шарттарын камсыз кылуу;

2) эгерде мындай өзгөртүүлөр тармактын кодун же географиялык аныкталуучу номерлештирүү зонасынын кодун жана/же чакыруунун демилгелеген абоненттин берилүүчү номерин жана/же тиешелүү документтерде макулдашылган тармактар аралык кошулуу үчүн акы төлөөнүн өлчөмдөрүн (тарифтерин) өзгөртүүгө алып келиши мүмкүн болсо, чакыруунун демилгелеген абоненттин номеринин берилүүчү маалыматтарын баспоо, модификациялабоо же башка ыкма менен өзгөртпөө;

3) тармактар аралык туташтыруу жөнүндө келишимдерди, ошондой эле бардык толуктоолорду жана тиркемелерди аларга кол коюлган учурдан тартып бир айлык мөөнөттө лицензиарга берүү;

4) авариялардын же табигый кырсыктардын кесепеттерин азайтуу же жоюу, өз тармагынын ишин калыбына келтирүү жана мындай авариялардан жана кырсыктардан кийин кызмат көрсөтүүнү кайра баштоо үчүн зарыл болгон чараларды көрүү;

5) шашылыш ыкчам кызматтарды чакыруу үчүн акысыз кошулууларды берүү;

6) абонентке келишим түзүү жана аны аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматты берүү. Көрсөтүлгөн маалымат мамлекеттик жана (же) расмий тилдерде (зарыл болгон учурда башка тилдерде) жалпыга маалымдоо каражаттары, маалыматтык-сурап билүү кызматтары аркылуу, ошондой эле электр байланыш операторунун сүйлөшүү пункттарында, кеңселеринде жана тейлөө борборлорунда абонентке жана (же) колдонуучуга көрсөтмөлүү жана жеткиликтүү формада акысыз жеткирилет;

7) абоненттерге жана (же) колдонуучуларга жалпыга маалымдоо каражаттары, оператордун расмий веб-сайты же sms-билдирүүлөр аркылуу электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин өзгөргөндүгү жөнүндө жаңы тарифтер киргизилгенге чейин кеминде 10 күн мурда билдирүү;

8) абоненттерге жаңы абоненттик номерди билдирүү менен алдын ала кабарлагандан кийин гана абоненттик номерлерди алмаштыруу боюнча бардык иштерди: жеке жактарга – алмаштырууга чейин 30 жумуш күндөн, юридикалык жактарга – 6 айдан кечиктирбестен жүргүзүү;

9) абонент жана (же) колдонуучу менен улуттук валютада эсептешүүлөрдү жүргүзүү;

10) жергиликтүү (жергиликтүү телефон туташтыруунун узактыгын убакытка жараша эсепке алуу системасы бар болсо (мындан ары – убакытка жараша эсепке алуу) телефондук туташтыруунун тарифтөө бирдигин 1 мүнөттөн ашык эмес белгилөө;

11) үч секунддан аз убакытка созулган телефон туташуусун телефон байланышынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмүндө эсептебөө;

12) жергиликтүү телефон байланышынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмүн эсепке алуу үчүн өз тармагында эсептөөлөрдүн автоматташтырылган системасынын болушу;

13) бузууларды жоюу мөөнөттөрү бузулган учурда тармактагы аварияга, жабдуулардын бузулушуна байланыштуу кызмат көрсөтпөгөн мезгил үчүн абоненттик төлөмдү эсептебөө же аны кайра эсептөөнү жүргүзүү;

14) кайрылууларды/даттанууларды каroo системасынын болушу;

15) доо койгон абонентке жана (же) колдонуучуга доолорду кароонун натыйжалары жөнүндө жазуу жүзүндө маалымдоо. Электр байланыш оператору абоненттин жана (же) колдонуучунун дооматын негиздүү деп тапкан учурда бул дооматты таанылган күндөн тартып 10 күндүк мөөнөттө канааттандырылууга тийиш;

16) келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жана учурларда абоненттердин жана колдонуучулардын алдында жоопкерчилик тартуу;

17) келишимди жазуу жүзүндө, эки нускада түзүү, анын бири абонентке берилет. Кызмат көрсөтүү келишими төмөнкүлөрдү камтыйт:

– электр байланыш операторунун аталышын (фирмалык аталышын), анын филиалдарынын тизмегин, алардын жайгашкан жерин жана иштөө режимин, электр байланыш операторуна берилген лицензиянын (лицензиялардын) реквизиттерин;

– электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тизмегин, аларды көрсөтүүнүн шарттарын жана тартибин;

– тарифтик планды;

– электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөнүн тартибин, формасын жана системаларын;

– келишим түзүү жөнүндө арызды кароонун тартибин жана мөөнөттөрүн;

– абоненттин жана (же) колдонуучунун дооматтарын кароо тартибин;

– маалыматтык-сурап билүү кызматтарынын жана оңдоо бюросунун телефон номерлерин, бузууларды четтетүү мөөнөттөрүн.

Телефонду орнотууга арыз катталган же жергиликтүү байланыш кызматы көрсөтүлгөн күндөн тартып 30 жумуш күндөн ашпаган мөөнөттө төмөнкүлөр зарыл:

– арыз ээсине (арыз ээсинин каалоосу боюнча жазуу жүзүндө же оозеки түрдө) жеткиликтүүлүктү берүүнүн техникалык мүмкүндүгү болгон учурда тиешелүү мөөнөттөрдө же жергиликтүү байланыш кызматтары көрсөтүлгөн учурда телефонду орнотуу жөнүндө билдирүү;

– жеткиликтүүлүктү берүүнүн техникалык мүмкүндүгү болбогон учурда куруу-монтаждоо иштеринин калькуляциясын берүү жана арыз ээсине аларды аткаруунун наркы жөнүндө билдирүү.";

– төмөнкүдөй мазмундагы 200[1]-пункт менен толукталсын:

"200[1]. Көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүүдө лицензиялык талап болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу Көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү эрежелеринин аткарылышын камсыз кылуу саналат.";

– 204-пунктта:

5-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

10-пунктчадагы "ички жапкычтарынын жана темир торлордун" деген сөздөр "жапкычтардын жана/же торлордун" деген сөздөргө алмаштырылсын;

15, 16, 18–22-пунктчалардагы "терроризмди", "террористтик ишти" жана "терроризмди (экстремизмди)" деген сөздөр "кылмыштуу ишти" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 213-пункттун 9-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 240-пункттун 8-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"8) ири габариттүү мүлктү күрөөгө алуу ниети болгон учурда менчик укугунда же пайдалануу укугунда аянты 100 (жүз) кв. метрден кем эмес аянты менен аймагы бар экендиги жөнүндө документтин юридикалык жак тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү кошумча берилет.";

– 241-пункттун 4-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4) менчик укугунда же пайдалануу укугунда аянты 100 (жүз) кв. метрден кем эмес аянты менен аймагы бар экендиги жөнүндө документтин юридикалык жак тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү.";

– 37, 39-главалар күчүн жоготту деп таанылсын;

– 264-пунктта:

1-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

2-пунктчада:

экинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

үчүнчү абзацтагы ", терапевт" деген сөздөр алып салынсын;

– 270-пункттун 6-пунктчасынын үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 271-пункттун 3-пунктчасынын экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 273-пунктта:

1-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1) юридикалык жактын статусунун болушу;";

4-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы 5-пунктча менен толукталсын:

"5) жумушчу жана жетекчи персоналдын соттуулугу болбошу керек, тиешелүү медициналык адистердин оң корутундусу болушу керек.";

– 274-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 6-пунктча менен толукталсын:

"6) жумушчу жана жетекчи персоналдын соттуулугунун жоктугу, ошондой эле тиешелүү медициналык адистердин оң корутундусунун болушу.";

– төмөнкүдөй мазмундагы 276[1]-пункт менен толукталсын:

"276[1]. Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду иштеп чыгуу, өндүрүү, даярдоо, кайра иштетүү, сактоо, берүү, сатуу, сатып алуу, пайдалануу, соодалоо жана бөлүштүрүү боюнча лицензиялык иш төмөнкүдөй жумуштарды аткаруудан жана (же) кызматтарды көрсөтүүдөн турат:

1) баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду иштеп чыгуу;

2) баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду өндүрүү;

3) баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду даярдоо;

4) баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду кайра иштетүү;

5) баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду сактоо;

6) баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду берүү;

7) баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду сатуу;

8) баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду сатып алуу;

9) баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду пайдалануу;

10) баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду соодалоо;

11) баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду бөлүштүрүү.";

– 286-пунктта:

3-пунктчадагы "нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын;

4-пунктчадагы "нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же" деген сөздөр алып салынсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы 377[1]-пункт менен толукталсын:

"377[1]. Өрткө каршы автоматташтыруу системаларын долбоорлоого, өрткө каршы автоматташтыруу каражаттарын монтаждоого, жөндөөгө жана оңдоого, материалдарды, буюмдарды жана конструкцияларды оттон коргоо боюнча иштерди жүргүзүүгө, коргоо объекттеринин өрт коопсуздугун баалоого, өрттүн келип чыгуу себептерин аныктоого лицензиялык иш төмөнкү жумуштарды аткаруудан жана (же) кызматтарды көрсөтүүдөн турат:

1) өрткө каршы автоматташтыруу системаларын долбоорлоо;

2) өрткө каршы автоматташтыруу каражаттарын монтаждоо, жөндөө жана оңдоо;

3) материалдарды, буюмдарды жана конструкцияларды оттон коргоо боюнча иштерди жүргүзүү;

4) коргоо объекттеринин өрт коопсуздугун баалоо;

5) өрттүн келип чыгуу себептерин аныктоо.";

– 61-глава төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"61-глава. Билим берүү ишин лицензиялоонун өзгөчөлүктөрү

380. Юридикалык жактардын билим берүү иши лицензиялануу тийиш (жалпы (башталгыч, негизги жана орто) билим берүү программаларын ишке ашыруучу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынан; өзгөчө статуска ээ болгон жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу мамлекеттик билим берүү уюмдарынан; автомектептердин жана тизмеги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарынын ишин кошпогондо, менчигинин түрүнө карабастан мектепке чейинки жана кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарынан тышкары).

Билим берүү чөйрөсүндөгү лицензиялык иш билим берүүнүн төмөнкү деңгээлдерине ылайык келген билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча кызматтарды көрсөтүүдөн турат:

– жалпы билим берүү (башталгыч, негизги, орто);

– кесиптик билим берүү (башталгыч, орто, жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки);

– кошумча билим берүү (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимине ылайык лицензиялануу тийиш болгон).

381. Билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча кызматтарды көрсөтүү боюнча билим берүү ишине лицензия:

– жалпы (башталгыч, негизги, орто) билим берүү жана башталгыч кесиптик билим берүү, ошондой эле балдардын өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирүү тобокелдиги менен байланышкан кошумча билим берүү башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү, башталгыч кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилет;

– кесиптик (орто, жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки) билим берүү жана адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирүү тобокелдиги менен байланышкан кошумча кесиптик билим берүү жогорку, орто, жогорку окуу жайынан кийинки, кошумча билим берүү, илим, инновацияларды өнүктүрүү, илимий-техникалык жана инновациялык иш, интеллектуалдык менчикти укуктук коргоо жана сактоо, жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилет;

(Уландысы 12-бетте)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ЛИЦЕНЗИЯЛЫК-УРУКСАТ БЕРҮҮ ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

(Башталышы 11-бетте)

– транспорт каражаттарынын (автомектептердин) айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилет.

382. Билим берүү ишине лицензия ажыратылгыс, мөөнөтсүз, Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында колдонулат.

383. Билим берүү ишине лицензия алуу үчүн арыз ээси ушул Жобонун 30-пунктунда саналып өткөн документтерге кошумча төмөнкүлөрдү берүүгө тийиш:

1) төмөнкүлөрдүн көчүрмөлөрүн:

– юридикалык жактын уставынын;

– имараттарга жана жайларга менчик, ыкчам башкаруу же ижара укугун ырастоочу документтин;

– санитардык-эпидемиологиялык жыргалчылык чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын имараттардын жана жайлардын санитардык ченемдерге жана эрежелерге ылайык келиши жөнүндө акт түрүндөгү корутундусунун;

– имараттардын жана жайлардын өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келиши жөнүндө өрт коопсуздугу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусунун;

– арыз ээси тарабынан бекитилген лицензиялануучу билим берүү программасы боюнча окуу планынын;

2) төмөнкүдөй маалыматтарды:

– билим берүү ишин жүргүзүү үчүн имараттардын жана жайлардын болушу жөнүндө;

– ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын билим алуусу үчүн атайын шарттардын болушу жөнүндө;

– билим берүү ишин окуу-методикалык жактан камсыз кылуу жөнүндө;

– билим берүү ишин кадрлар менен камсыз кылуу жөнүндө;

3) макулдашуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусу:

– дин иштери боюнча – диний уюмдар (бирикмелер) бир диндин башка динден артыкчылыгын пропагандалоонун, диндерди сындоонун, этностор аралык жана конфессиялар аралык кастыкка чакыруунун, билим берүү программасынын мазмунундагы радикализмдин, экстремизмдин, билим берүү ишин кадрдык жана окуу-методикалык жактан камсыз кылуунун белгилери жок экендиги боюнча;

– саламаттык сактоо чөйрөсүндө медициналык жана фармацевтикалык кадрларды даярдоо жөнүндө, клиникалык базанын ушул Жобо менен белгиленген талаптарга ылайык келиши жөнүндө.

Ушул пункттун 2, 3-пунктчаларында көрсөтүлгөн маалыматтарды берүүнүн формалары ишкердикти өнүктүрүү боюнча ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча лицензиар тарабынан бекитилет.

Берилген документтердин укуктуулугу, аныктыгы жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик арыз ээсине жүктөлөт.

384. Лицензиялык талаптар болуп төмөнкүлөр саналат:

1) арыз ээсинин билим берүү ишинин арыз ээсинин уставында аныкталган максаттарга жана иштин түрлөрүнө ылайык келиши;

2) жалпы (башталгыч, негизги, орто) билим берүү, кошумча билим берүү жана баштапкы кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашыруу үчүн менчикте же ыкчам башкарууда, же ижарада же акысыз пайдалануу турган, санитардык ченемдерге жана эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келген имараттардын жана жайлардын болушу. Имараттарды жана жайларды ижарага алуу мөөнөтү кеминде 2 жылды түзүшү керек. Билим берүү ишин жүзөгө ашыруу үчүн пайдалуу аянттын камсыздалуусу бир билим алуучуга 2 кв. метрден кем болбошу керек;

3) кесиптик (орто, жогорку, жогорку окуу жайдан кийинки) билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашыруу үчүн менчик, ыкчам башкаруу укугундагы санитардык ченемдерге жана эрежелерге,өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келген жабдылган имараттардын жана жайлардын болушу. Кошумча түрдө менчикте, ыкчам башкаруу укугунда турган аянттардан ашпаган турак эмес имараттарды жана жайларды 3 жылдан кем эмес мөөнөткө акысыз пайдалануу же ижарага алууга жол берилет.

Кесиптик жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашыруу үчүн менчик же ыкчам башкаруу укугунда, же болбосо кеминде 3 жылдык мөөнөткө ижарада же акысыз пайдалануда турган, санитардык ченемдерге жана эрежелерге жана өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык келген имараттардын жана жайлардын болушу зарыл. Билим берүү ишин жүргүзүү үчүн бир билим алуучуга пайдалуу аянттын камсыздалуусу кеминде 3 кв. метр болушу керек.

Орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн бир билим алуучуга эсептелген пайдалуу аянттын камсыздалуусу мамлекеттик билим берүү стандарттары боюнча аныкталат.

Ушул Жобонун 5-тиркемесине ылайык белгиленген минималдуу талаптардан төмөн болбогон кесиптик орто, кесиптик жогорку, жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик жана кошумча кесиптик медициналык жана фармацевтикалык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн клиникалык базанын болушу.

Мында мамлекеттик билим берүү уюмдары үчүн клиникалык база саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими менен бекитилет.

Жогорку, жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик медициналык билим берүүнүн мамлекеттик эмес билим берүү уюмдары менчик же ыкчам башкаруу укугунда көп профилдүү клиникалык базага, медициналык жана фармацевтикалык ишти жүзөгө ашырууга тиешелүү лицензияга ээ болууга тийиш.

Мамлекеттик эмес орто жана кошумча кесиптик медициналык жана фармацевтикалык билим берүү уюмдарына медициналык жана фармацевтикалык ишти жүзөгө ашырууга тиешелүү лицензияга ылайык келген клиникалык базаны ижарага берүүгө жол берилет.

4) атайын шарттардын болушу (ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн окуу программаларын ишке ашырган билим берүү уюмдары үчүн (адаптацияланган окуу программаларынын, атайын окуу китептеринин, окуу куралдарынын жана дидактикалык материалдардын, окутуунун техникалык каражаттарынын, пандустардын жана имараттагы кеңейтилген эшиктердин);

5) билим берүү ишин мамлекеттик билим берүү стандарттарына же предметтик стандарттарга ылайык билим берүү программалары боюнча жүргүзүү үчүн окуу-методикалык базанын болушу;

6) лицензиялануучу билим берүү программалары боюнча арыз ээси тарабынан бекитилген окуу пландарынын болушу;

7) кадрлардын (педагогдордун) болушу, алардын саны жана квалификациясы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык билдирилген билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашырууну камсыздайт. Кошумча билим берүү жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү үчүн – билим берүү программаларынын талаптарына ылайык билдирилген билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин жүзөгө ашырууну камсыздоочу педагогикалык кадрлардын саны жана квалификациясы;

8) негизги кызматкерлер менен камсыз кылуу (педагогдордун жалпы санынан пайыз менен):

– жалпы (башталгыч, негизги жана орто) билим берүү үчүн – 60%дан кем эмес;

– башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү үчүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык;

– жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү үчүн – 50 %дан кем эмес;

– кошумча билим берүү үчүн – 50%дан кем эмес.

Жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларынын окутуучуларынын жалпы санына карата илимий даражасы жана/же илимий наамы бар окутуучулардын үлүшү – 90%дан кем эмес;

9) дин иштери жана/же саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын арыз ээсине билим берүү ишине лицензия берүүгө макулдугун ырастаган корутундусунун болушу.

385. Арыз ээси билим берүү ишин жүргүзүү үчүн ушул Жобонун 384-пунктунда аныкталган лицензиялык талаптарды аткаруу менен катар транспорт каражаттарынын (автомектептердин) айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо боюнча билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн ушул Жобонун 6-тиркемесине ылайык кошумча лицензиялык талаптардын аткарылышын камсыз кылууга милдеттүү.";

– 62-глава күчүн жоготту деп таанылсын;

– 63-глава төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"63-глава. Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин, анын ичинде илимий максаттарда алып коюуга уруксат берүүнүн өзгөчөлүктөрү

389. Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин, анын ичинде илимий максаттарда алып коюуга уруксат айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилет. Уруксат берүүдө айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы тарабынан жүргүзүлгөн жана берилген ар жылдык мониторингдин натыйжаларын эске алууга милдеттүү.

390. Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин, анын ичинде илимий максаттарда алып коюуга уруксат алуу үчүн арыз ээси төмөнкүдөй документтерди кошумча берет:

1) жапайы өсүмдүктөрдү чогултууга Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын оң илимий корутундусу;

2) өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин пайдалануу укугуна ЖӨБО же токой чарбалары менен түзүлгөн келишим. Келишимде тараптардын жерлерди рекультивациялоо боюнча укуктары/милдеттери көрсөтүлүшү керек;

3) илимий максаттарда атайын пайдалануга өтүнмөлөр (арыздар) илимий органдардан/уюмдардан кабыл алынат жана илимий-изилдөө иштеринин планы жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий корутундусу болгон учурда каралат;

4) өткөн сезондо жыйнаган жана камдаган жаратылышты пайдалануучунун өсүмдүктөрдү жыйноонун жыйынтыктары жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин, алардын өсүү чөйрөсүн сарамжалдуу пайдалануу, коргоо жана калыбына келтирүү боюнча иш-чаралардын аткарылышы жөнүндө отчету (бар болсо).

391. Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин алып коюуга уруксаттын негизинде өз ишин жүргүзгөн өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин пайдалануучулар жыйым аяктагандан кийин айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жаратылышты пайдалануу чөйрөсүндөгү иш боюнча маалыматты камтыган белгиленген формадагы отчетту берет. Илимий максатта уруксат алган колдонуучулар илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын берет.

391^1. Кыргыз Республикасынын аймагында өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин пайдалануунун лимити өсүмдүктөр дүйнөсүнүн жапайы объекттеринин туруктуу өсүшүн камсыз кылуучу жаратылыш чөйрөсүнөн жыл сайын экологиялык жактан коопсуз алып коюунун санын түзгөн пайдалануу ченемдерине жараша белгиленет.

Колдонуу лимиттери Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы менен макулдашуу боюнча жана атайын комиссиянын чечимдеринин негизинде айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйруктары менен белгиленет.

391^2. Уруксатты берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим өтүнмөлөрдү кароо боюнча комиссия тарабынан кабыл алынат, анын түзүлүшү жана иштөө регламенти айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

391^3. Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин коргоо, пайдалануу жана өндүрүү үчүн контроль карамагында жапайы өсүмдүктөр өскөн аймактары бар органдар, ошондой эле өз аймагында жер ээлери жана жерди пайдалануучулар тарабынан жүзөгө ашырылат.

Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин коргоо, пайдалануу жана өндүрүү боюнча коомдук контролду коомдук бирикмелер, башка мамлекеттик эмес коммерциялык эмес уюмдар жана жарандар жүзөгө ашырат.";

– 64-главанын аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"64-глава. Радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды ташуу (анын ичинде трансчек аралык), сактоо, пайдалануу, көмүү, жок кылуу жана утилдештирүү, ошондой эле кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды ташуу (анын ичинде трансчек аралык), иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, жок кылуу, сактоо жана көмүү боюнча ишти лицензиялоонун өзгөчөлүктөрү";

– 392–396-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"392. Радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды ташууга (анын ичинде трансчек аралык), сактоого, пайдалануга, көмүүгө, жок кылууга жана утилдештирүүгө, ошондой эле кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды ташууга (анын ичинде трансчек аралык), иштетүүгө, кайра иштетүүгө, зыянсыздандырууга, жок кылууга, сактоого жана көмүүгө лицензия айлана-чөйрөнү коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан берилет.

393. Кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды ташууга (анын ичинде трансчек аралык), иштетүүгө, кайра иштетүүгө, зыянсыздандырууга, жок кылууга, сактоого жана көмүүгө лицензия убактылуу болуп эсептелет, Кыргыз Республикасынын белгилүү бир аймагында колдонулат.

394. Радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды ташууга (анын ичинде трансчек аралык), сактоого, пайдалануга, көмүүгө, жок кылууга жана утилдештирүүгө лицензия мөөнөтсүз болуп эсептелет, Кыргыз Республикасынын белгилүү бир аймагында колдонулат.

395. Радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды ташуу (анын ичинде трансчек аралык), сактоо, пайдалануу, көмүү, жок кылуу жана утилдештирүү, ошондой эле кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды ташуу (анын ичинде трансчек аралык), иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, жок кылуу, сактоо жана көмүү үчүн лицензиялык иш төмөнкү жумуштарды аткаруудан жана (же) кызматтарды көрсөтүүдөн турат:

1) радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды ташуу (анын ичинде трансчек аралык);

2) радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды сактоо;

3) радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды пайдалануу;

4) радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды көмүү;

5) радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды жок кылуу;

6) радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды утилдештирүү;

7) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды ташуу (анын ичинде трансчек аралык);

8) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды иштетүү;

9) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды кайра иштетүү;

10) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды зыянсыздандыруу;

11) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды жок кылуу;

12) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды сактоо;

13) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды көмүү.

396. Кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды иштетүүгө, кайра иштетүүгө, зыянсыздандырууга, жок кылууга, сактоого жана көмүүгө лицензия алуу үчүн арыз ээси кошумча төмөнкү документтерди тапшырат:

1) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, жок кылуу, сактоо жана көмүү үчүн зарыл болгон калдыктарды жайгаштыруу

(Уландысы 13-бетте)

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ЛИЦЕНЗИЯЛЫК-УРУКСАТ БЕРҮҮ ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

(Башталышы 12-бетте)

объекттерине менчик укугун же ээлик кылуунун башка мыйзамдуу негизин ырастоочу документтерди;

2) иштин бул түрүнө мамлекеттик экологиялык экспертизанын корутундусун;

3) иштин бул түрүнүн экологиялык негиздемесин;

4) ведомстволук кайтарууну уюштуруу жөнүндө буйруктун көчүрмөсү, же болбосо калдыктарды жайгаштыруучу объекти ведомстводон тышкары кайтаруу жөнүндө келишимдин көчүрмөсүн;

5) санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл, өрт инспекциясы мамлекеттик органдарынын корутундусун;

6) аткарылуучу иштердин сапатын контролдоо системасы жөнүндө маалыматты;

7) метрологиялык мүнөздөмөлөрүн көрсөтүү менен колдонулуучу өлчөө каражаттарынын жана сыноо жабдууларынын тизмегин;

8) өлчөө каражаттарын жана сыноо жабдууларын текшерүүнү же метрологиялык аттестациялоону ырастоочу документтерди;

9) кызматкерлер жөнүндө, анын ичинде кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, жок кылуу, сактоо жана көмүү боюнча профилдик жогорку, техникалык же кесиптик билими жана практикалык тажрыйбасы бар инженердик-техникалык адистер жөнүндө маалыматты;

10) арыз ээсинин көрсөтүлгөн кызматтардын профилине ылайык келген кесиптик даярдыгы жана квалификациясы бар, зарыл болгон билимди алгандыгын күбөлөндүргөн диплом, аттестат, күбөлүк менен ырасталган адистер менен эмгек макулдашуусун;

11) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, жок кылуу, сактоо жана көмүү боюнча иштер аткарыла турган негизде ченемдик-техникалык документтердин тизмесин.";

– төмөнкүдөй мазмундагы 396[1]-пункт менен толукталсын:

"396[1]. Кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды иштетүүдө, кайра иштетүүдө, зыянсыздандырууда, жок кылууда, сактоодо жана көмүүдө лицензиялык талаптар төмөнкүлөр болуп саналат:

1) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, жок кылуу, сактоо жана көмүү үчүн зарыл болгон калдыктарды жайгаштыруу объекттеринин менчик укугунда же башка мыйзамдуу негизде арыз ээсине таандык болушу;

2) арыз ээсинин штатында көрсөтүлгөн кызматтардын профилине ылайык келген кесиптик даярдыгы жана квалификациясы бар, зарыл болгон билимди алгандыгын ырастаган диплом, аттестат, күбөлүк менен ырасталган адистердин болушу;

3) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, жок кылуу, сактоо жана көмүү үчүн зарыл болгон технологиялык жана сыноо жабдууларынын, өлчөө каражаттарынын менчик укугунда же башка мыйзамдуу негизде арыз ээсине таандык болушу;

4) кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, жок кылуу, сактоо жана көмүү боюнча белгиленген талаптарды сактоону жана сапатты контролдоону камсыз кылган түзүмдүк бөлүмдөрдүн (штаттык кызматкерлердин) болушу;

5) арыз ээсинде иши кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды иштетүү, кайра иштетүү, зыянсыздандыруу, жок кылуу, сактоо жана көмүү менен түздөн-түз байланышкан, алар эмгек келишимдерин түзгөн кызматкерлердин болушу.";

– 397-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"397. Радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды, кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды ташууга (анын ичинде трансчек аралык) лицензия алуу үчүн арыз ээси төмөнкүдөй документтерди кошумча берет:";

– 398-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"398. Радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды, кооптуулуктун I–V класстарындагы калдыктарды ташууга (анын ичинде трансчек аралык) лицензиялык талаптар болуп төмөнкүлөр эсептелет:";

– 399-пункттa:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"399. Радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды сактоого, пайдаланууга, көмүүгө, жок кылууга жана утилдештирүүгө лицензия алуу үчүн арыз ээси төмөнкүдөй документтерди кошумча берет:";

төмөнкүдөй мазмундагы 11-пунктча менен толукталсын:

"11) уулуу материалдарды жана заттарды, анын ичинде радиоактивдүү заттарды утилдештирүү үчүн зарыл болгон калдыктар жайгаштырылуучу объекттерге менчик укугун же ээлик кылуунун башка мыйзамдуу негиздерин ырастаган документтер.";

– 400-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"400. Радиоактивдүү жана уулуу материалдарды, иондоштуруучу нурлануу заттарын жана булактарын, радиоактивдүү жана уулуу калдыктарды сактоого, пайдаланууга, көмүүгө, жок кылууга жана утилдештирүүгө лицензиялык талаптар болуп төмөнкүлөр эсептелет:";

– 65-глава күчүн жоготту деп таанылсын;

– 66-глава "сактоо, пайдалануу", "сактоого, пайдалануга" деген сөздөрдөн кийин тиешелүү түрдө ", сатуу" ", сатууга" деген сөздөр менен толукталсын;

– 409-пунктта:

1-пунктчадагы "имараттардын" деген сөз алып салынсын;

3-пунктчадагы "нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын;

– 413-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) жетекчиге жардыруу иштерин жүргүзүүгө укук берүүчү документтер;";

– 417-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"417. Тоо-кен иштерин жүргүзүүгө уруксат алуу үчүн арыз ээси кошумча түрдө төмөнкү документтерди тапшырат:

1) иштин билдирилген түрүн өндүрүү үчүн зарыл болгон жабдуулардын тизмегин же аларды ижарага берүү келишимин белгилөөчү документ;

2) арыз ээсинин өнөр жай коопсуздугу жаатындагы аттестациясынын протоколу жана өнөр жай коопсуздугу үчүн жооптуу жактын квалификациясын ырастаган диплом.";

– 423-пункт "асыл таштар" деген сөздөрдөн кийин "(баалуу металлдарды жана асыл таштарды камтыган рудаларды казып алуу жана алгачкы кайра иштетүү менен байланышкан операцияларды кошпогондо)" деген сөздөр менен толукталсын;

– 425-пунктта:

1-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1) атайын эсепке коюу жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;";

2-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

– 426-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 5-пунктча менен толукталсын:

"5) жеке чайкоочулардан кум түрүндөгү алтынды жана алтын камтыган концентратты сатып алуу үчүн юридикалык жактар тарабынан алтынды кабыл алуу кассалары уюштурулат.";

– 440, 441-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"440. Уруксат алуу үчүн арыз ээси төмөнкүдөй документтерди кошумча берет:

1) жеке адамдын жарандык куралды сатып алуусу:

– сатып алынуучу куралдын түрүн көрсөтүү менен арыз;

– куралга ээлик кылууга каршы көрсөтмөлөрдүн жоктугу жөнүндө медициналык маалымкаттар (нарколог, психиатр, окулист);

– мамлекеттик аңчылыкка күбөлүк;

– арыз ээсине уруксат берүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө аймактык ички иштер органынын корутундусу (профилактикалык эсепке алууга коюу жөнүндө актылардын жоктугу);

– арыз ээсинде куралды сактоонун шарттарынын ылайык келиши жөнүндө аймактык ички иштер органынын акты;

– Кыргыз Республикасынын жарандыгын ырастаган документ;

– аңчылык сайлуу куралды сатып алуучулар үчүн сайсыз куралга ээлик кылуунун беш жылдык стажы менен уруксаттын көчүрмөсү;

– куралды коопсуз пайдалануу эрежелерин окутуудан өткөндүгүн ырастоочу документ;

2) жеке адам тарабынан жарандык куралдын сакталышы:

– куралды сатып алуунун мыйзамдуулугун ырастоочу документтер;

3) кызматтык куралды сатып алуу (өзгөчө уставдык милдеттери бар юридикалык жактар үчүн):

– куралга ээ болууга жол берилген персоналдын иш жүзүндө болгон санына жараша куралдын конкреттүү түрлөрүн жана санын сатып алуу зарылдыгын, ошондой эле анын сакталышын камсыз кылуу боюнча көрүлгөн чараларды негиздөө менен арыз;

– юридикалык жактын уюштуруу документтери;

– арыз ээсинде куралды сактоонун шарттарынын ылайык келиши жөнүндө аймактык ички иштер органынын акты;

– "Курал жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана "Кыргыз Республикасындагы жеке детективдик жана күзөт ишмердиги жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган документтер топтомун тиркөө менен куралдын жана ок-дарылардын сакталышы үчүн жооптуу кызмат адамын дайындоо жөнүндө ишкананын жетекчисинин буйругунун көчүрмөсү;

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын күзөт бөлүмдөрү менен күзөт кызмат көрсөтүүлөрүнө келишимдин көчүрмөсү;

4) кызматтык куралды сактоо (өзгөчө уставдык милдеттери бар юридикалык жактар үчүн):

– куралды сатып алуунун мыйзамдуулугун ырастоочу документтер;

5) кызматтык куралды алып жүрүү (өзгөчө уставдык милдеттери бар юридикалык жактардын кызматкерлери үчүн):

– Кыргыз Республикасынын жарандыгын ырастаган документ;

– куралга ээлик кылууга каршы көрсөтмөлөрдүн жоктугу жөнүндө медициналык маалымкаттар (нарколог, психиатр, окулист);

– куралды коопсуз колдонуунун эрежелерин окутуудан өткөндүгүн ырастаган документ;

– ишкананын жетекчисинин кызматкерлерге кызматтык куралды бекитип берүү жөнүндө буйругу;

6) кызматтык куралдарды ташуу:

– куралдын тиешелүү түрүн сактоого, алып жүрүүгө жана сатып алууга уруксат;

– ок атуучу куралдын (5 жана андан көп бирдик) жана ок-дарылардын (400 жана андан көп бирдик) партиясын ташууда ишкананын жетекчисинин ташуу маршрутун көрсөтүү менен арызы;

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын күзөт бөлүмдөрү же куралчан ок атуучу куралы бар жеке күзөт ишканалары менен күзөт кызматтарын көрсөтүү келишиминин көчүрмөсү;

7) куралды коллекциялоо:

– коллекциялык куралды сактоонун шарттарынын ылайык келиши жөнүндө аймактык ички иштер органынын акты;

– куралга ээлик кылууга каршы көрсөтмөлөрдүн жоктугу жөнүндө медициналык маалымкаттар (нарколог, психиатр, окулист);

– куралга эксперттик корутундулар;

– куралды сатып алуунун мыйзамдуулугун ырастоочу документтер;

– куралды сактоочу бөлмөнү куралдуу күзөтүү келишими;

8) куралды экспонаттоо:

– куралды сатып алуунун мыйзамдуулугун ырастоочу документ;

– куралды экспонаттоочу жерде куралды сактоонун шарттарынын ылайык келиши жөнүндө аймактык ички иштер органынын акты;

– ички иштер органынын куралды сактоого уруксаты;

9) берүүчү ишканалар тарабынан жарандык жана кызматтык куралды, ок-дарыларды, анын негизги курамдык бөлүктөрүн сатып алуусу:

– куралды жана ок-дарыларды соодалоого лицензиянын көчүрмөсү;

– контракттын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү (инвойс);

– ташып киргизилүүчү товарга карата өндүрүүчү өлкөнүн шайкештик сертификаттары;

10) берүүчү ишканалардын жарандык жана кызматтык куралдарды, ок-дарыларды, анын негизги курамдык бөлүктөрүн ташып келүүсү:

– куралды жана ок-дарыларды соодалоого лицензиянын көчүрмөсү;

– контракттын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү (инвойс);

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын күзөт бөлүмдөрү же ок атуучу курал менен куралданган жеке күзөт ишканалары менен күзөт кызматтарын көрсөтүүгө келишимдин көчүрмөсү;

11) берүүчү ишканалардын жарандык жана кызматтык куралды, ок-дарыларды, анын негизги курамдык бөлүктөрүн ташып чыгуусу:

– куралды жана ок-дарыларды соодалоого лицензиянын көчүрмөсү;

– контракттын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү (инвойс);

– Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын күзөт бөлүмдөрү же ок атуучу курал менен куралданган жеке күзөт ишканалары менен күзөт кызматтарын көрсөтүүгө келишимдин көчүрмөсү;

– болжолдонгон экспорттоочу өлкөгө куралдарды ташып келүүгө уруксат;

– шайкештик сертификаты;

12) сыйлык куралын ташып келүү:

– курал менен сыйлоо жөнүндө документтин белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

– арыз ээсинде куралды сактоонун шарттарынын ылайык келиши жөнүндө аймактык ички иштер органынын акты;

– куралга ээлик кылууга каршы көрсөтмөлөрдүн жоктугу жөнүндө медициналык маалымдамалар (нарколог, психиатр, окулист);

13) сыйлык куралын ташып чыгуу:

– болжолдонгон ташып чыгуу өлкөсүнө курал алып кирүүгө уруксат.

441. Жарандык жана спорттук куралдын жалгыз нускаларын ташып киргизүүнү жана ташып чыгууну жүзөгө ашыруучу жеке жактар үчүн ички иштер органдары тарабынан белгиленген форма боюнча уруксат берилет.";

– 75, 77-главалары күчүн жоготту деп таанылсын;

– 469-пунктта:

2-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) жарылуучу материалдарды сактоочу жайды эксплуатациялоого жооптуу адамдын квалификациясын ырастоочу документтердин (дипломдун, аттестаттын же күбөлүктүн) көчүрмөлөрү;";

3-пунктчадагы "нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын;

– 474-пункттун 1, 2-пунктчаларындагы "нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын;

– 481-пунктта:

1-пунктчанын төртүнчү абзацындагы ", же болбосо жардыргыч материалдардын заказчылары менен келишимдердин көчүрмөлөрү ишке ашырылган учурда" деген сөздөр алып салынсын;

2-пунктчасындагы "нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн" деген сөздөр алып салынсын;

– жогоруда көрсөтүлгөн Жобонун 5, 6-тиркемелери ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

– жогоруда көрсөтүлгөн Жобонун 7–12-тиркемелери күчүн жоготту деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 3-мартындагы №106 "Кыргыз Республикасынын аймагында ветеринардык дары каражаттарын жүгүртүүнү жөнгө салуу маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ветеринардык дары каражаттарын жүгүртүүнү жөнгө салуу эрежелеринде:

– 58–65-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2025-жылдын 17-ноябры, №741

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНИН ЖЕРДЕ ЖҮРҮҮЧҮ ЖАНА СУУ ТРАНСПОРТУ ДЕПАРТАМЕНТИНИН ЧҮЙ-БИШКЕК АЙМАКТЫК БАШКАРМАЛЫГЫ

төмөнкү маршруттар боюнча автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштурууга сынак жарыялайт:

№	Лоттун номуру	Каттамдын номуру жана аталышы	Автобустарды жөнөтүү убактысы	Автобустарды жөнөтүү орду	Автобустардын керектүү саны
I	II	III	IV	V	VI
1	45	№351 “Бишкек (ЧАБ)–Кемин АС”	ырааттама менен	кыймыл-чиймеге ылайык	14
		№352 “Бишкек (ЧАБ)–Орловка ш.”	ырааттама менен	кыймыл-чиймеге ылайык	7
		№361 “Бишкек (ЧАБ)–Ак-Түз а.”	ырааттама менен	кыймыл-чиймеге ылайык	2
		№384 “Бишкек (ЧАБ)–Кызыл-Суу а.”	ырааттама менен	кыймыл-чиймеге ылайык	2
		№388 “Кемин АС–Токмок АБ”	ырааттама менен	кыймыл-чиймеге ылайык	2
		№194 “Кемин АС–Кызыл-Октябрь а.”	ырааттама менен	кыймыл-чиймеге ылайык	2
		№192 “Кемин АС–Орловка АК”	ырааттама менен	кыймыл-чиймеге ылайык	5
2	46	№1 “Базар–Перевал база (шаардык Кемин ш.)”	ырааттама менен	кыймыл-чиймеге ылайык	4
3	47	№393 “Ак-Кула АС–Октябрское а.”	ырааттама менен	кыймыл-чиймеге ылайык	15
		№393-В “Бишкек (ЧАБ)–Виноградное а.”	ырааттама менен	кыймыл-чиймеге ылайык	8
4	48	№583 “Бишкек–Ала-Бука Төө-Ашуу аркылуу сезондук”	10-00 сезондук	А/С “Ак-Кула”	2
			эртеси 10-00 сезондук	А/С “Ала-Бука”	
		№566 “Бишкек–Базар-Коргон Төө-Ашуу аркылуу сезондук”	6-30, 9-00,11-30 сезондук	А/С “Ак-Кула”	4
			эртеси 7-00, 8-00, 10-00 сезондук	Автобекет “Базар-Коргон”	
5	49	№518 “Бишкек–Жалал-Абад Төө-Ашуу аркылуу сезондук”	14-00,15-30,17-00 сезондук	А/С “Ак-Кула”	4
			эртеси 9-55, 14-00, 17-00 сезондук	филиал “Жалал-Абад АВ”	
		№515 “Бишкек–Комсомол”	10-10	“Бишкек автобекет” МИ	2
			эртеси 7-30	А/К “Комсомол”	

Конкурска юридикалык же жеке жактар, ишкердик иш субъекти катары катталган жүргүнчүлөрдү ташууга тиешелүү уруксаттамасы бар ишкерлер катыша алат.

Конкурстун катышуучулары Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин официалдуу сайтына **(aat.gov.kg) 2025-жылдын 25-ноябрынан баштап 2025-жылдын 24-декабрь күнү саат 18.00гө чейин** катыша алышат.

Маалымат алуу үчүн **Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Байтик Баатыр көч., 7Б, байланыш телефон: (0312) 54-14-30** кайрылса болот.

Сынак **2025-жылдын 25-декабрь күнү саат 10.00дө** Автоматташтырылган электрондук сынак боюнча иштелип чыккан программаны колдонуу менен өткөрүлөт.

Сынак комиссиясы

С/О 185

«Курулуп жаткан электр станцияларынын дирекциясы” ААК

2025-жылдын 19-декабрында саат 15.00дө Бишкек шаары, Жибек Жолу проспекти, 326 дарегиндеги 3-кабаттын 311-бөлмөсүндө боло турган акционерлердин кезексиз жалпы чогулушун өткөрө тургандыгы жөнүндө билдирет.

КҮН ТАРТИБИ:

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү туурасында.
2. “Лидар” жабдууларын жана шамал өлчөгүч мамыны бекер алуунун эсебинен коомдун активдеринин баланстык наркын жоголтуу жөнүндө.
3. Коомдун текшерүүчүсүнүн ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө.
4. Коомдун текшерүүчүсүн шайлоо туурасында.

Акционерлерди каттоо **саат 14.00дөн саат 15.00гө чейин**. Чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2025-жылдын 1-декабры.**

Сурап-билүү телефону: Бишкек шаарында +996 (501) 008-716.

Чогулуштун материалдары менен “Курулуп жаткан электр станцияларынын дирекциясы” ААКнын катчысынан **Бишкек шаары, Жибек Жолу проспекти, 326, 3-кабаттагы 303-бөлмөдөн** таанышууга болот.

Эскертүү: акционерлердин өзүлөрүндө паспорту, ал эми акционерлердин өкүлдөрүндө жана юридикалык жактарда – тастыкталган ишеним каты жана паспорту болууга тийиш.

ОАО «Дирекция строящихся электростанций»

извещает о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 19 декабря 2025 года в 15.00 часов по адресу: г.Бишкек, пр.Жибек Жолу, 326, 3 этаж, каб. 311.

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Об утверждении состава счетной комиссии.
2. Об увеличении балансовой стоимости активов Общества за счет безвозмездного получения оборудования «Лидар» и ветроизмерительной мачты.
3. О досрочном прекращении полномочий Ревизора Общества.
4. Об избрании Ревизора Общества.

Регистрация акционеров: **с 14.00 до 15.00 часов**. Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании – **1 декабря 2025 г.**

Тел. для справок: +996 (501) 008-716 в г. Бишкек.

С материалами собрания можно ознакомиться в ОАО «Дирекция строящихся электростанций» у секретаря Общества: **г.Бишкек, пр.Жибек Жолу, 326, 3 этаж, каб. 303.**

Примечание: акционерам необходимо иметь при себе паспорт, а представителям акционеров и юридических лиц – оформленную доверенность и паспорт.

Абдысаматов Ормон Алтымышовичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 32118482 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П 10.11

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

Айдаралиева Сурмакүл Сартбаевнага тиешелүү жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актылары Ч №748765 (18.10.2017-ж.), Ч №1043007 (01.10.2021-ж.) жана тех. паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-803

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Годенков Александр Викторович код ОКПО 31795022 считать недействительным.

Н-804

Акматова Шааркүл Табылдиевнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 31499192 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П187

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок №0014993 на Бишкекский образовательный Автомотоклуб Оборонной спортивно-технической организации Кыргызской Республики считать недействительным.

Н-805

Кадышов Миррад Рыскулбековичке тиешелүү тартуулоо келишими №2020-587 (27.02.2020-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-807

Мирзаев Мухамадалиге тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам. актысы №1353870 (22.03.2025-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-808

Эшалиев Санжарбек Анаралиевичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 29467747 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

М/Б

Кубатова Чачыкей Нурлановнага тиешелүү сынак китепчеси сериясы СК №205010729 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-806

Өзүбеков Төрөбай Жумагуловичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 26021927 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П 378

Өзгөн районунун тургуну Кожоназаров Абдыманап Абдикаримовичке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мам.актысы Ч №1302659 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П 021

Токтогул районуна караштуу Толук айыл өкмөтүнүн тургуну Ташматов Бектемирге тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №346111 (05.09.2011-жылы берилген), иден.коду: 3-07-06-1001-0381 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-814

Узаков Жалалдинге тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт сериясы ЧN№1087805, идентификациялык коду 3-04-02-1008-0976 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-05

Жакыпова Гульбадам Жеенбековнага тиешелүү диплому сериясы МВ №15157 (берилген күнү 05.12.2003-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-05

В связи с утерей неиспользованные нижеуказанные бланки разрешения ОсОО "Арсен Логистик"

	Дата выдачи	Страна	АТС	№ Бланки
1	31.12.24	Россия	06KG550ACU	293623
2	31.12.24	Казахстан	06KG550ACU	569138
3	01.17.25	Узбекистан	06KG550ACU	272016
4	31.12.24	Казахстан	01KG460ACW	569009
5	31.12.24	Россия	01KG460ACW	293536
6	01.17.24	Узбекистан	01KG460ACW	272015
7	31.12.24	Иран	06KG550ACU	1105054
8	31.12.24	Туркмения	06KG422AKI	243334

считать их недействительными.

Мб

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 27-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №5-Б “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК КЛАССИФИКАЦИЯСЫН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ” БУЙРУГУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН

БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна ылайык **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-Б “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу” буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган буйрук менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификацияга:

- 1-главада (Кирешелердин классификациясы):
- “Салыктык эмес кирешелер” (14) категориясы, “Менчиктен жана пайыздардан кирешелер” (141) тобу төмөнкү элементтер менен толукталсын:

“

14122300	Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик фондунун баалуулуктарын сатуудан алынган пайда
14122900	Башка пайдалар

”.

- 1-главада (Кирешелердин классификациясын колдонуу тартиби):
- “Салыктык эмес кирешелер” (14) категориясы, “Менчиктен жана пайыздардан кирешелер” (141) тобу төмөнкү элементтер менен толукталсын:

“-14122300 Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик фондунун баалуулуктарын сатуудан алынган пайдадан чегерүүлөрдү камтыйт”;

“-14122900 Башка мамлекеттик пайдалар эсепке алынат”.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы:

1) ушул буйрукту катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде “Эркин-Тоо” гезитине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайтына мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыялансын;

2) расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде бул буйруктун көчүрмөлөрүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагаз жана электрондук түрдө, анын жарыяланган булагы жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберсин;

3) ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жиберсин.

3. Бул буйрук расмий жарыялануага тийиш жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан “Төлөм жүгүртүүнүн мамлекеттик классификатору” бекитилгенден кийин күчүнө кирет.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына өзүнүн чечимдерин ушул буйрукка шайкеш келтирүү сунушталсын.

5. Иш кагаздарын жүргүзүү жана аткарууну контролдоо бөлүмү ушул буйрукту Министрликтин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнө билдирсин.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын директору У.М. Аманбаевге жүктөлсүн.

Министр **А.БАКЕТАЕВ**

Бишкек ш., 2025-жылдын 20-ноябры, №223-Б

ПРИКАЗ

МИНИСТЕРСТВА ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ПРИКАЗ МИНИСТЕРСТВА ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ УТВЕРЖДЕНИИ БЮДЖЕТНОЙ КЛАССИФИКАЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ» ОТ 27 СЕНТЯБРЯ 2023 ГОДА №5-П

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года №115, **приказываю:**

1. Внести приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении Бюджетной классификации Кыргызской Республики» от 27 сентября 2023 года №5-П, следующие изменения:

в Бюджетную классификацию Кыргызской Республики, утвержденную вышеуказанным приказом:

- в главе 1 (Классификация доходов):
- в категорию (14) «Неналоговые доходы», группу (141) «Доходы от собственности и проценты» дополнить следующими элементами:

«

14122300	Прибыль полученная от реализации ценностей Государственного фонда драгоценных металлов и драгоценных камней Кыргызской Республики
14122900	Прочая прибыль

».

- в главе 1 (Указания по применению классификация доходов):
- в категорию (14) Неналоговые доходы, группу (141) Доходы от собственности и проценты дополнить следующими элементами:

«- 14122300 Включает отчисления от прибыли, полученной от реализации ценностей Государственного фонда драгоценных металлов и драгоценных камней Кыргызской Республики, в соответствии с законодательством Кыргызской Республики»;

«- 14122900 Учитываются другие государственные прибыли».

2. Центральному казначейству Министерства финансов Кыргызской Республики:

1) в течение трех рабочих дней со дня регистрации опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин-Тоо» и на официальном сайте Кабинета Министров Кыргызской Республики;

2) в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копии настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях с указанием информации об источнике его опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

3) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу направить копию приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках в Администрацию Президента Кыргызской Республики.

3. Настоящий приказ подлежит официальному опубликованию и вступает в силу после утверждения «Государственного классификатора платежного оборота» Национальным Банком Кыргызской Республики.

4. Рекомендовать Национальному банку Кыргызской Республики привести свои решения в соответствие с настоящим приказом.

5. Отделу делопроизводства и контроля исполнения довести настоящий приказ до сведения структурных, подведомственных и территориальных подразделений министерства.

6. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра - директора Центрального казначейства Министерства финансов Кыргызской Республики У.М. Аманбаева.

Министр **А.БАКЕТАЕВ**

г.Бишкек, 20 ноября 2025 года, №223-П

С/О 180

КИЧИ-КЕМИНСКИЙ АЙЫЛ ОКМОТУ
КЕМИНСКОГО РАЙОНА ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

объявляет аукцион по предоставлению земель ГФСУ в аренду сроком на 7 (семь) лет.

Аукцион состоится **24 декабря 2025 г. в 10.00 часов.**

1. Лот №1 14 га из контура 1097/50,9

Стартовая цена за 1 га =1500 сом

Обращаться с заявлением в администрацию Кичи-Кеминского а/о по адресу: **с.Кичи-Кемин, ул.Бектенова, 58.**

Тел.: (0502) 160-393.

С/О 181

СПЕЦИАЛЬНЫЙ АДМИНИСТРАТОР ОсОО “ГЛАВ СЕРВИС”–БАНКРОТ
созывает собрания кредиторов.

Приказом ДДБ Специальным администратором назначен Шамбетов К. Дж. который состоится 25.12.2025 года в 11.00 часов по адресу: г. Бишкек, ул. Л.Толстого, 51А.

ПОВЕСТКА ДНЯ:

Заключительный собрания ОсОО «Глав Сервис» Представители кредиторов должны при себя иметь претензия доверенность и удостоверение личности.

Н-809

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей гос.акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №1261271 на имя Исмаилова Бахрама Иргешевича считать недействительным.

М/б

Макишева Эльвира Аскербековнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы №793646 (19.09.2018-ж.) жана тартуулоо келишими №840-2217 (12.12.2023-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-801

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №059079 (от 01.06.2006 г.) на имя Бондарчука Владимира Анатольевича считать недействительным.

Н-799

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Сысоева Вероника Тристановна код ОКПО 24472962 считать недействительным.

Н-800

Абдураимов Мусажан Касымовичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 22008152 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

М/Б.

Кутмидинов Батырбекке тиешелүү жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы Ч №544548 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

М/Б.

Кара-Кулжа районуна караштуу Алайкуу айыл өкмөтүнүн Кайың-Талаа айылынын тургуну Мамирасулов Акунга таандык сериясы К-Ж №0421 жер үлүшүнөн пайдалануга укук берүүчү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П 087

Эркин-Тоо Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
КАРБОСОВА
Жазгүл
Жузуповна

Кабылдама 62-38-75

Башкы редактордун 1-орун басары
КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары
РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78

Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71

Бөлүмдөр:

Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27

Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64

Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс

Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87

Веб-сайт – 62-38-71

Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71

Башкы эсепчи – 62-38-73

Компьютердик борбор – 62-38-74

АЙМАКТАР:

Баткен облусу	(0772) 07-60-60
Жалал-Абад облусу	(0772) 12-82-67
Талас облусу	(0700) 90-62-61
Ысык-Көл облусу	(0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары	(0500) 20-89-70
Токтогул шаары	(0220) 70-71-32

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.

Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040,
Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.

Буйрутма 565. Нускасы 5796

Басууга 24.11.2025-ж. саат 20.00дө берилди

Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

ПРОФЕССОР КАЛДАРБЕК АБДРАМАНОВ – 70 ЖАШТА. КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН!

ЖҮРӨККӨ ЖОЛ ИЗДЕГЕН ӨМҮР

Профессор өлкөдөгү өзү түптөгөн экинчи чоң оорукананын врачтары менен!

(Башталышы 8-9-беттерде)

Өлкөдө жүрөк хирургиясы боюнча докторлук диссертациясын коргогон 5 адис иштеп жаткан. Институтту ачуунун эң башкы максаты – кайра куруу заманында элибиздеги жүрөк оорулары менен жабыркаган жарандарыбызга операция жасоонун сапатын жакшыртуу болгон. Институттун мындай маанисин Калдарбек Алишерович Москвада иштеп жүргөн учурда эле түшүнгөн.

Өз алдынча институтту Кыргызстанымда ачсак экен деп, ак эткенден так этип жүргөн күндөрдүн биринде кечке жуук Калдарбек Алишеровичти бөлүм башчы Сейиткан Жошубаев өзүнө чакырып калат. Кирсе жетекчисинин көңүлү ачык экен. Эмнегедир столунун үстүндө коньяк, эки рюмка туруптур. «Азыр жакшы жаңылык угасың» – дейт. Аңгыча телефон шыңгырайт. Телефон менен сүйлөшүп бүткөндөн кийин «Калдарбек куттуктайм. институт ачалы –деген сенин да тилегиң орундалды, жарлыкка кол коюлду»-дейт да, эмнегедир көзүнөн жаш агып кетет. Ал улуу устаты Иса Коноевич Ахунбаевдин да институт ачуу тууралуу ою болгондугун, анын ошол максаты бүгүнкү күндө орундалып жатканын айтат. Калдарбек Алишерович да мындан көп жыл мурун студент кезинде Иса Ахунбаевдин сүрөтүнүн алдында туруп, «мен да кардиохирург болом» - деп алдына максат койгонун эстеп, жашып кетет. Кыргыз жүрөк хирургиясынын алдыңкыларынын бир убакта устат-мугалимдерин эстешип, минтип көзүнө жаш алып отургандары да өзүнчө символика жана унутулгус тарых.

Ырас, жүрөк хирургиясы жана трансплантация институтунун ачылышы кыргыз медицинасындагы маанилүү чоң окуя болгон эле. Алдыда оош-кыйыш, оор заманда, анын биринчи директору ким болот, ким негиздейт, ким иштетип Ахунбаев эңсеген татыктуу статуска, эл аралык деңгээлге чыгара алат - деген чоң маселе турган. Албетте институттун ачылышында Сейиткан Жошубаевдин ролу чоң экендиги талашсыз эле. Анткени, анын ошол убактагы президент А.Акаев менен мамилеси жакшы болгон экен. Бирок ал арада он жыл Казакстанда жүрүп, кайра келген. Ошондуктан Саид Миррахимов, Миталип Мамытов, Мамбет Мамакеев, Дүйшө Кудаяров сыяктуу академиктер мүчөлөрү болуп саналган илимий кеңеш жергиликтүү жаш кадр катары Москвадан билим тажрыйба алып келген Калдарбек Абдрамановдун талапкерлигине токтолушуп, Жүрөк хирургиясы институтунун биринчи директору кызматына шайлашат. Албетте биринчи директор болуу деген абдан ардактуу дөңизчи. Бирок ошол оор доордо жаңы ачылган институтту түптөп, бутуна тургузуунун түйшүгү түмөн эле. Дың жерди өздөштүргөндөй эле кеп болчу. Ошого карабастан Калдарбек Алишерович өзүн дасыккан жүрөк хирургу гана эмес, иштин көзүн билген уюштуруучу, дипломат катары көрсөтүү менен институттун кесипкөй жамаатын түзүүгө, аны жогорку технологиядагы аппараттар, жабдуулар менен камсыздоого, жаштарды тарбиялоого, мекемени эл аралык деңгээлге чыгарууга, илимий жана башка жактарын жолго коюуга жетишет. Ошентип ал институтта алты жыл күн тынымын албай эмгектенет.

Ушул институтта иштеп жүргөн учурда Калдарбек Алишерович Жүрөк хирургия институтун Кыргызстандын калкынын жарымы жашаган түштүк жергесинде жана ар бир областтарда да ачуу керектигин ойлоп жүргөн. Себеби, ал жактарда да жүрөк оорусунан дарылануга муктаж адамдар көптөп саналган. Алардын тез арада борборго жетип келүү мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болчу. Ошондуктан белгилүү жана жагымсыз окуялардан кийин Бишкектеги Жүрөк хирургиясы институтунан кеткенден кийин Калдарбек Алишерович Жалал-Абад, азыркы Манас шаарында алгач филиал, анан жүрөк хирургия институтун ачканга жетишет. Мындай институттарды ачуунун өзү оңой эмес жана максаты жөн гана жүрөк хирургиясынын желегин желбиретүү эмес, он миңдеген адамдардын ден соолугуна кам көрүү, өмүрүн сактоо эле. Калдарбек Алишеровичтин адамдардын ден соолугу үчүн мындай тынчсыздануусу жана ага кам көрүүгө жасаган аракети өзүнүн бала чагында оорунун азабын тартып, өмүр менен өлүм кунун эрте сезе баштаганы түрткү болгон көрүнөт. Ал өлкөбүздөгү башкы кардиохирург катары бүгүнкү күнгө чейин 8,5 миңден ашуун жүрөккө татаал операцияларды жасаган. Мындан сырткары ал мына ушул ачылган кардиохирургиялык институттарда эмгектенип жүргөн 100дөн ашык жүрөк хирургиясы адистерин даярдоого үлгүргөн. Бүгүнкү күндө алар өлкө кардиохирургиясынын туусун бийик көтөрүп, өз адистиктери менен үзүрлүү эмгектенишүүдө.

Калдарбек Алишерович Абдраманов кенен масштабдуу ой жүгүрткөн адис катары мамлекеттик гана эмес, жеке менчик кардиохирургиянын калктын ден соолугу үчүн мааниси зор экенин түшүнүп, Бишкек, Ош, Манас шаарларында ондон ашык кардиохирургиялык ооруканалардын эшигин биринчи болуп өзү ачып берди. Бул ооруканалардын баары тийиштүү жогорку технологиядагы аппаратуралар менен жабдылган жана азыркы учурда жүрөк оорусунан жабыркаган көптөгөн жарандарыбыз ал ооруканалардан квалификациялуу дарылануудан өтүшүүдө.

Калдарбек Абдрамановдун айтпай койгонго болбос дагы бир эл үчүн жасаган кызматын айта кетели. Ал институттун директору болуп турган учурда Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын көпчүлүгү көрүнүктүү инсандарынын атында болуп калышкан. Эмнегедир Кыргыз медакадемиясы гана кимдин атында болору белгисиз болот. Калдарбек Алишеровичтин жана башка инсандардын ою боюнча Кыргыз медакадемиясына Иса Ахунбаевдин гана ысымы ыйгарылышы керек эле. Ошондуктан бул маселе боюнча улуу дарыгердин уул-кыздарынан, ошол убакта Президенттик Администрациянын аппарат жетекчиси болуп эмгектенген Абдуманап Муратовдон сураштырганда, алар Медакадемияга Иса Ахунбаевдин ысымынын ыйгарылышын каалабаган, ага тоскоолдук көрсөткөн күч бар экенин айтышат. Калдарбек Алишерович «кантип эле ушундай болсун»-деп ичинен бушайман болуп жүрөт. Аңгыча өлкөдө Иса Ахунбаевдин 100 жылдык мааракеси белгилене баштайт. Бул мааракеге Калдарбек Алишеровичтин чакыруусу менен устаты академик Лео Бокерия да Бишкекке келет. Мындай дүйнөлүк ысымы бар инсандын Кыргызстанга келиши чоң окуя катары каралчу. Ошондуктан аны Өлкө башчысы кабыл алууга чакырат. Бул кабыл алууга Калдарбек Алишерович жана Саламаттык сактоо министри Марат Мамбетов катыша турган болот. Лео Бокерия Калдарбек Алишеровичке кайрылып, «кандай маселең болсо айтыңыз, мен аны президентке айтам» - дейт. Калдарбек Алишерович көптөн бери ой-санаасынан кетпей жүргөн Иса Ахунбаевдин ысымын медакадемияга ыйгаруу маселесин айтат. Өлкө башчысы Лео Бокерияны жылуу маанайда кабыл алып, анын Бишкекте жүрөккө жасаган ийгиликтүү операциялары үчүн ыраазычылыгын билдирип, аңгемелешүүнүн аягында кандай суроолордун бар экендигин сураганда, ал Иса Ахунбаевдин ысымын Кыргыз медакадемиясына ыйгаруу керектигин айтат. Президент Саламаттык сактоо министри Марат Мамбетовго кайрылып, эмне себептен Иса Ахунбаевдин ысымы ушул убакка чейин медакадемияга сунушталбай жүргөнүн сурайт. Министр буга чейин Иса Ахунбаевдин ысымы үч жерге коюлгандыгын, мыйзамда үчтөн ашык жерге бир ысымды ыйгарганга болбой турганын айтканда, президент «улуу дарыгер Иса Ахунбаевдин ысымы Кыргыз медакадемиясына койгонго татыктуу. Мен өзүмдүн укугумдан пайдаланып, жакынкы күндөрдө Иса Ахунбаевдин ысымын Кыргыз медицина академиясына ыйгаруу жөнүндөгү Жарлыгыма кол коём» – дейт. Арадан үч күн өтпөй Тарых музейинде Иса Ахунбаевдин 100 жылдыгына арналган илимий конференция өтүп жаткан жерге Президенттин Администрация жетекчиси М.Садыркулов келип, президенттин Кыргыз медицина академиясына Иса Ахунбаевдин ысымы ыйгарылгандыгы жөнүндөгү Жарлыгын окуп бергенде конференциянын катышуучулары ордуларынан тура калышып, узакка дүркүрөтө кол чабышат, «туура, туура» – деп кыйкырышат. Ошентип Кыргыз медицина академиясына Иса Ахунбаевдин ысымы ташка тамга баскандай ыйгарылып калат. Ал эми Калдарбек Алишерович көптөн бери көкүрөгүн өйүтүп жүргөн ою жүзөгө ашканына көңүлү жайланып, улуу кумири Иса атасы үчүн чоң кызматты аткарганына ичинен ыраазы болот.

Айтылгандардан эле көрүнүп тургандай Калдарбек Алишерович Абдрамановдун кыргыз жүрөк хирургиясынын өнүгүшү үчүн кошкон салымы опол тоодой. Керек болсо мамлекеттик чоң сыйлыктарга татыктуу иштерди аткарган. Бирок ал андай иштерди аткардым, мындай иштерди бүтүрдүм – деп көкүрөк какпаган инсан. Анын мүнөзү карапайым жана адамгерчиликтүү. Болгону элинин пайдасы үчүн жасаган эмгегинин натыйжасына, акыбетине жана ошол аткарган иштери менен элинин алдында жүзү жарык, башын бийик көтөрүп сыймыктануу менен басып жүрө алганына каниет кылат.

Бүгүнкү күндө Калдарбек Алишерович кутман курак 70 жашка толуп отурат. Албетте чын жүрөктөн куттуктайбыз. Эс алуунун мезгили келиптир дегибиз келет. Бирок Калдарбек Алишеровичтин азыркы Манас шаарындагы Жүрөк хирургиясы институту үчүн өз алдынча имарат сурап бир топ жылдардан бери убара тартып келген экен, аны менен кабардар болгон азыркы бийлик Манас шаарына Борбордук Азияда жок Жүрөк хирургиясы институтунун жаңы имаратынын курулушун баштаган жана Калдарбек Алишеровичтин мындан ары жүрөк хирургиясы тармагында ишмердигин уланта берүүсүн каалаган. Бул да болсо бүгүнкү күндө көч башында жүргөн жүрөк хирургу Калдарбек Абдрамановдун жемиштүү жана жеңиштүү күндөрү алдыда экенин көрсөтүп турат. Бар болуңуз, Калдарбек Алишерович!

Абдимухтар АБИЛОВ,
Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер